3 Адам өмүрү баарынан кымбат



9 "Цирк дүйнөсү менин жашоом"




# САРЕСЕП

18-февраль, 2016-жыл
№06 (39)
saresep.kg
Калыс көз караш!




Ач көз элитаны төңкөрүү – жакшы көрсөткүч

4-бетте



Мэр кимге керек

5-бетте



Кыргызстан тышкы саясатын кайра кароодо

12-бетте

## Өрттөнөбүз деп өркүндөбөй келебиз



6-бетте




# Кыргызстандын сырткы карызы көбөйдү

Финансы министри Адылбек Касымалиев, Кыргызстандын тышкы карызы улуттук валюта менен эсептегенде Ички дүң өнүмдүн 60 пайызынан ашкандыгын билдирди. Бул коюлган чектен ашып жаткандыгын көрсөтөт. Белгилүү болгондой, тышкы карыз акыркы убакта жогорку темп менен өскөндүктөн, ИДӨнүн 60 пайызынан ашпоого тийиш деп чектөө киргизилген. Эл аралык валюта фонду жыл аягына чейин Кыргызстандын сыртка карызы өлкөнүн ИДӨсүнүн 68 пайызын түзөрүн божомолдогон. Мындан улам өкмөт чекти 80 пайыз деп өзгөртүүнү пландап жатат. Финансы министри Адылбек Касымалиевдин айтымында 2015-жылы мамлекеттик карыз 169 миллион долларга жогорулаган. Учурда Кыргызстандын тышкы карызы 3 млрд. 600 млн. долларды түзөт.

Маалыматтар боюнча алынган карыздардын 28 пайызы транспорт тармагына, 30 пайызы энергетика тармагына жумшалган. Карыздар ушул эки тармакка көп алынгандыктан натыйжалуу болбой жаткандыгын экономисттер белгилешет.

Карыздарды төлөөгө жылына бюджеттен 15 млрд. сом жумшалат. Бул сумма алдыңкы жалдары дагы көбөйүшү мүмкүн экендигин серепчилер белгилешет. Анткени ири карыздарды төлөө мөөнөтү эми башталмакчы.




# Кыргызстандын региондогу жана дүйнөдөгү салмагы артабы?

КРнын ТИМинин башчысы Эрлан Абдылдаев 16-февралда Брюсселде өткөн Европанын азияны изилдөө институтунда (EIAS) «КРнын Борбодук Азиядагы кызыкчылыктарынын жана маанилүүлүгүнүн эволюциясы»аттуу темада эксперттик коомчулук алдында сөз сүйлөдү.

Тышкы иштер министри өлкөнүн өнүгүшү жана коопсуздугу үчүн сыртќы жагымдуу саясий шарттарды түзүү, сырткы саясатты натыйжалуу жана активдүү ишке ашыруу дале да болсо негизги маселе болуп турганын билдирген.

Тышкы саясатта өзгөчө көңүлгө ала турган нерсе чектеш өлкөлөр менен достук мамилелерди жандандыруу болуп саналат. Коңшу мамлекеттер менен теңата эки тараптуу жана көп тараптуу мамилелердин өнүгүшүнө, регионалдык жана эл аралык уюмдар жасаган иштерге катышууну активдештирүү да көңүл чордонунда экенин билдирген.

«Ошондой эле, өзүбүздүн гидро мүмкүнчүлүктөрүбүздүн өнүгүшүнө да маани берилет. Бул тармак өлкөнүн өнүгүшүнүн негизи болгондуктан, суу ресурстары менен энергетиканын бири-биринен бөлүнбөй тургандыгын принципиалдуу позициябыз деп эсептейбиз. Ушундан улам, өзүнүн социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүн ишке ашыруу максатында Кыргызстан суу-энергетикалык мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланат», – деди ТИМ жетекчиси.

Брюсселде өткөн бул конференцияга Борбордук Азия боюнча илимий, коомдук-аналитикалык борборлордун кызматкерлери, БА боюнча чет элдик серепчилер жана ЕБнин дипломатиялык корпусунун өкүлдөрү катышты.

Министр Э.Абдылдаев бул жерден Тажикстандын тышкы иштер министри Сирожиддин Асловго жолукту.

Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар эл аралык уюмдардын алкагында өз ара кыргыз-тажик эки тараптуу кызматташтыгы боюнча маанилүү маселелерди талкуулашты. Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында Э.Абдылдаев кыргыз тарап кыргыз-тажик мамилелеринин бекемделип турушуна кызыктар экендигин баса белгиледи.



# Абакта сакал коюуга тыюу салынды

Жаза аткаруу кызматы билдиргендей, ички эрежелерге ылайык, абактагыларга мындан ары сакал-мурут коюуга уруксат берилбейт.

Ага көнбөгөндөрдүн сакал-мурутгарын күчтөп алдырышууда. Укук коргоочулар бул аракет адам укугун бузарын айтып жатат.

Түрмөдө отургандардын сакал-мурутун күчтөп алдырып жатышат деген маалыматты эң оболу "Борбор Азиядагы адам укугу" ассоциациясы деп аталган уюм айтып чыкты. Анда мындай көрүнүш өткөн жылы күзүндө №50 абакта болгон кандуу окуядан кийин башталганы, эми болсо бардык түрмөлөргө жайылганы айтылат.

Жаза аткаруу кызматы болсо укук бузулуп жатканы тууралуу айтылгандарды четке кагууда. Аталган кызматтын маалымат катчысы Элеонора Сабатарованын берген түшүндүрмөсүнө ылайык, азыр ички эрежелер боюнча талап күчөдү:

"Биз буга чейин түрмөдө отургандарга атайын форма кийгизгенден башка талаптарды коё алчу эмеспиз. Азыр өкмөттөн акча бөлүнүп, алардын ич кийиминен тарта бут кийимине чейин берип, чачын, сакал-мурутун алдыртып, жаңы ачылган режимдик корпустарга көчүрүп жатабыз. Бул алардын укугун чектегенге жатпайт. Биз мыйзам чегиндеги нерсени гана талап кылабыз. Эгер биздин талапты укпаса, анда ал ички режимди бузуп жатат дегенди билдирет. Негизи түрмөдө отурганда чачы, сакал-мурутy алынган болушу керек. Бары мыйзам чегинде", – дейт Сабатарова.

Кыргызстанда түрмөлөр менен диний-экстремизмдин байланышы тууралуу көп эле айтылып жүрөт. Айрым эксперттердин баамында, соңку учурда диний экстремисттер менен уюшма кылмыш топтор камыр-жумур болуп баратат жана алардын байланышы эң ириде абактарда башталат.

Буга чейин диний терроризм-экстремизмге каршы күрөшүү үчүн муфтият менен Жаза аткаруу кызматы биргелешип иштери маалымдалган. Кыргызстанда диндарлардын сакал-мурутy, кийген кийими боюнча маал-маалы менен талкуулар болуп турат. Буга чейин хижап, дааватчылардын кийимин тартипке салуу сунуштары айтылганы менен, бирок сакал-мурут койгондорду тыюу өңдүү чаралар болгон эмес.





# Электр апрелде арзандайт

Быйыл апрель айында электр энергиянын тарифтери өзгөрөт. Ага ылайык, тарифтер арзандайт. Бирок, канча сомго чейин төмөндөөрү тууралуу азырынча мамлекеттик отун-энергетика комплексин жөнгө салуу агенттиги так маалымат бере алган жок. Аталган агенттиктин жетекчисинин орун басары Миргүл Айдарованын маалыматында, тарифтер боюнча энерго компаниялар менен сүйлөшүүлөр жүргүдө.

Өкмөттүн токтому боюнча энергияны импорттоо токтогондо тариф 1 сом 28 тыйын болмок. Бирок, быйыл электр энергияны импорттоо келишим түзүлгөнү менен алынган жок. Ага ылайык, тариф эмнеге төмөндөбөгөнүнө эл өкүлү Кожобек Рыспаев кызыкты.

Комитеттин отурумунда 700 кВт саатка чейин башка, андан ашык колдонгондорго башка тариф коюуну эл өкүлү Жыргалбек Турускулов туура көрбөйт. Анын пикиринде, ар башка тариф менен коррупциялык иштер орун алууда. Ошол эле учурда элдин башын айландырат. Ошондон улам депутат бирдиктүү тарифти иштеп чыгууну тапшырды.



# Global Firepower: Кыргыз армиясынын позициясы туруктуу

Global Firepower уюмунун иликтөөсүндө, Кыргыз армиясы кубаттуулук боюнча дүйнөлүк рейтингде 126 өлкөнүн ичинен 78-орунга илинип, мурдагы позициясын сактап калды.

Алты миллион калкы бар Кыргызстандын 3 миллион 377 миңи аскерге жарактуу.

Азыркы тапта өлкөдө 16,5 миң аскер кызматкери жана 10 миң резервдеги адам бар. Өлкөнүн аскерий бюджети 240 миллион долларды түзөт. Ошондой эле республикада 28 аэродром иштейт.

Куралдуу күчтөр 150 танк, БТР, 478 даана БПМ, 30 артиллериялык жабдуулар, 21 жапырт от атуучу реактивдик системалар, 159 артиллериялык курал, 6 вертолетко ээлик кылат.

Ал эми аскерий кубаттуулугу күчтүү мамлекеттердин башында АКШ, Орусия, Кытай, Индия, Улуу Британия, Франция, Түштүк Корея, Германия, Жапония жана Түркия турат. КМШ мамлекеттеринин ичинен Украина 25-орунду ээлесе, андан кийинки сапка Беларус, Өзбекстан, Азербайжан, Армения, Грузия, Тажикстан жана Түркмөнстан чыкты.

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925
САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Сaресеп гезити

**Нускасы: 6500**
**Буйрутма № 343**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Билимдүү адамдар көп



Жакында дайындала турган мэрлик кызмат боюнча “Мэр эл тарабынан шайланса, эффективдүү жыйынтык болобу? Деги эле бул кызматта иштеп кеткен мурунку мэрлердин кимисинин ишмердүүлүгү үзүрлүү болду?” деген суроо менен саясий серепчи Бакыт Бекетаевге кайрылганыбызда ал төмөнкүдөй жооп кайтарды:

“Мэрди эл түз шайласа жакшы болот. Башка шаарларды карасак, мэрлер шаар үчүн таза иштеп бергенин көрөбүз. Жогорку Кеңеште мыйзамга өзгөртүү киргизилсе, Кыргызстан үчүн жакшы болмок. Бирок мунун карама-каршылыктары да бар. Мисалы, мэр өзү токтом чыгара алат. Депутаттарды кээде укпай кое алат. Ошол эле мезгилде айрым маселелерди депутаттардын жардамысыз, өзү чечкенге кудурети жетпейт. Бирок мунун жакшы жерлери көп. Бул дүйнөлүк демократиялык система. Бүгүнкү күнү элдин көзөмөлү да күчөдү. Коомчулукта билими, илими бийик инсандар бар. Ар бир айылда саясатчылар да жок эмес. Мына ушул катмардагылар мэрди эл шайласа эффективдүү иштээрине көзү жетип турат.

Менин, шаардыктардын, коомчулуктун оюнча мэрдин эң биринчи максаты, шаардагы тазалык маселесин чечүү болуп эсептелет. Жөнөкөй калк жолдо басканда таштандыларга кабылбаса эле андай мэрге тирүү кезинде “эстелик” тургузмак. Мэрдин тазалыктан кийинки милдети шаарды жарыктандыруу, жашылдандыруу жана коопсуздук болсо керек. Учурда кадр маселесинде эксперименталдуу кадрлар көп болуп кетти. Ошондуктан эки жыл иштегенден кийин “бул иштей албайт экен” деп кетирип жатышат. Ошондуктан эң биринчи кезекте тажрыйбасы бар талапкерди шайлаш керек.

Жаңы келе турган мэрге айтарым, биринчи келгенде кучак жайып тосуп алышканы менен бир айдан кийин отчет сурашат. Кулматовдун жакшы иштегенин айткандар аз. Анын иштөөсүнө мүмкүнчүлүк берилген жок. Азыр деле толук мүмкүнчүлүк жок. Болгону, мэрликке келген талапкер саясий тажрыйбалуу болуп, сын-пикир айтылса эле кызматтан кетип калбай, өз идеясын айтып, иши менен көрсөтө алыш керек. Мен мисалы, мурунку мэр Иса Өмүркуловдун кайра келүүсүн колдойм. Ал көргүлүктүн баарын көрдү, тажрыйбасы бар. Андан тышкары Нариман Түлеевди да айтсак болот. Ал дагы көрүнүктүү иштерди жасаган.

# Адам өмүрү баарынан кымбат



Өз жанын тобокелге салып, Москва метросунан бир аялды сактап калган Марат Исаевдин эрдиги эл ичинде дүң болууда. Анын кылган ишине ыраазычылык катары президентибиз баш болуп, бир нече адам сыйлыктарын да тапшырды. Ушундан улам “Кыргызстанда деле андан кем эмес эрдик кылган адамдар бар экенине карабай, Марат Исаевга гана белек берүүңүздүн себеби эмнеде?” деген суроо менен Kyrgyz Concept компаниясынын президенти, экономист Эмил Үметалиевге кайрылып төмөнкүдөй жооп алдык:

“Буга акылыбыз менен гана эмес, жүрөгүбүз менен да сезген сезимдер да себеп болду десем болот. Жакында эле Москвада бир нече кыргыз өрткө кабылып, каза болгонун билебиз. Кыргыз жигиттери мына ошондой шартта, ошондой шаарда, ошондой аймакта жүргөнүнө карабай, чоочун жер, чоочун эл дебей, адам өмүрүн куткарууга жандалбастаганы бизди аябай таасирлентти. Бул белек берүүмдүн биринчи себеби.

Экинчи себеби, карапайым адамдар көңүл бурганы менен, бийликте тургандар кайдыгер мамиле кылгансыгандай сезилди. Бул ошонун ордун толуктоо аракетим болчу.

Үчүнчүсү жана эң негизги себебим болсо, акыркы күндөрү бизде оор акыбал байкалып тургандай. Колунда бар, күчтүү бийлик ээлери адам өмүрүнө кайдыгер мамиле кылып, “жан кыйылса боло берет” деген ойду кадимки көрүнүш катары тарата башташты. Адам өмүрү баарынан артык деген жалпы адамзатты куткарчу ой пикирлер жоголуп, удулу келсе, же саясий муктаждык болсо кимди болбосун садага чапса болот деген ойлор өтө көп тарап бараткансыйт. Сабатсыз, жөнөкөй адамдардын арасында да “өлтүрүш керек, атып салыш керек” деген сөздөр көп жайылып баратат. Мен муну аябай чоң коркунуч деп эсептейм. Адам өмүрүн баарынан артык көрүшүбүз керек. Норма, салт, адат деген нерселердин үстөмдүгү болбош керек. Адилеттүүлүк убагы менен келет. Турган жерден эле бирөөнүн ачуусу, же чечими менен адам өмүрүн кыя чаппаш керек. Мына ушундан улам башканын өмүрүн өзүнүкүнөн артык көрүп, “аны коргойм, куткарам” деген Марат Исаев менин санаама чоң таяныч, өтө чоң мисал болду. Биз кеңешип отуруп жардам берели деп чыгарган чечимибиз жалгыз гана Маратка эмес, адам өмүрү артык деп ойлогон, ушул пикирге кошулган бардык кыргызга арналган кубанычтуу кабар болсун дедик.

# Күнөө улууларда



Жакында эле спорттук мелдештен утулуп калган кыздар, эң жакшы ойногон кызды уруп койгону тууралуу кабар тарады. Мына ушул кабардан улам биз “Жаштар атаандаштыктан, мелдештерден жабыркабаш үчүн эмне кылуу керек? Мындай окуяны болтурбоо үчүн машыктыруучулар кандай чара көрүшү керек эле?” деген суроо менен психология илиминин магистри Эсен Өмүракуновго кайрылганыбызда ал төмөнкүдөй жооп кайтарды:

Негизи, утулган менен уткан тарап “биз бири-бирибизге атаандаш болгон үчүн атаандаштыктын аркасы менен күчкө ээ болуп жатабыз” дегенди билиши керек. “Атаандаштарыбыз менен жарышуу аркылуу, спортто болобу, илим-билимде болобу мамлекетибиздин өнүгүшүнө салым кошуп жатабыз” деген түшүнүккө жеткирүү зарыл болуп тургандай. Мына ушуну окуучуларга жакшылап түшүндүрүш керек болчу.

Негизи эле оюн педагогикалык процестте окуучуну жашоого даярдаш үчүн киргизилген. Натыйжада, утулуу утууга караганда көбүрөөк пайда берерин да окуучуларга түшүндүрүү зарыл. Себеби, уткан тарап өз күчүнө ишенүү менен кандайдыр бир убакытка чейин өзүн таштап коюшу мүмкүн. Ал эми утулган тарап “эмнеге утулдум? Кайсы жерден алдырдым?” деп ар бир кыймылын кылдат таразалап, издене баштайт. Мына ушул жагынан алганда эки тарап тең пайдага жетет.

Айткандай эле, эң биринчи кезекте улуттук жана жарандык аң сезимди педагогикалык процесс аркылуу күчөтүш керек. Окуучуларга сабак эле берип, же машыктырып эле тим болбой, сабырдуулукка, жакшылыкка умтулууга, атаандашка сыйурмат кылууга да үйрөтө билүү зарыл.

Чү дегенде эле мугалимдер окуучуларга өздөрү үлгү экенин, өздөрү кандай жүрсө, окуучулары да ошондой жүрөрүн унутпасак. 16-17 жаш – баланын мен деген сезими эми козголуп, өзүнүн ким экенин тааный баштаган маал. Ошол убакта алар өтө күчтүү өрнөккө муктаж. Мына ошондой учурда биз алар каалагандай өрнөк боло алдыкпы? Маселенин өзөгү ушунда жатат.

Ошондой эле бир тугандык жана жарандык сезимдерди ойготуп, спорт эрежелерин, мамлекеттин мыйзамын сыйлаганды үйрөтүшүбүз керек. Ошондо баардык нерсе өз ордуна келип, кандай мелдеш болбосун жеңишке жетебиз. Убактылуу утулган тарап дагы, уткан тарап дагы чыныгы жеңишке ошондо жетет”.

# Китеп таратууга көмөктөшөбүз



Быйыл 10-апрелде боло турган “Ислам – тынчтыктын жарчысы” аттуу китеп окуу конкурсу боюнча берген суроолорубузга, Кыргыз Ислам университетинин (КИУ) проректору, уюштуруучу топтун мүчөсү Равшан Акимбай уулу төмөнкүлөрдү айтып берди

Ислам – бул тынчтыктын дини. Ошондуктан элибизге тынчтык каалап, ушул конкурсту уюштуруп келебиз. Уюштуруунун дагы бир себеби – Пайгамбарыбызды таанытуу. Пайгамбарыбызды таануу менен жалган айтпаган, башкалардын көңүлүн оорутпаган, кулк-мүнөзү мыкты, Алла менен пенденин жана жалпы пенделердин ортосундагы укуктарды таанып билген адамдар жетилет деп ишенебиз.

Бул конкурстун мурунку конкурстардан айырмасы “Риядус Солихин” (тандалган хадистер) жана орус тилинде чыккан “Абу ханифа и ханафитский мазхаб” китебинин кошулганы болду. Бул китептерде пайгамбарыбыздын осуяттары, жасаган иштери жана анын аркасынан жазбай баскан улуу Имам Абу Ханифанын өмүр баяны менен мурасы камтылган. Ошондуктан аларды окуган ар бир окурман кайдыгер калбайт.

Негизи бул конкурс көп жылдардан бери “Адеп башаты” коомдук фонду тарабынан өткөрүлүп келет. Бул жолу “Адеп башаты” менен биргеликте Муфтият, КИУ уюштуруп жатат. Мындан мурунку конкурста демөөрчүлөрдүн арасында “Бүткүл дүйнөлүк жаштар ассамблеясы” бар болсо, бул жолку конкурсту өткөрүүгө жалаң өзүбүздүн жергиликтүү жарандарыбыз демөөрчүлүк кылууда.

Конкурска мурунку ат салышууда жеңген окурмандар деле катышса болот. Бир гана өзгөчөлүгү, эгер умраны утуп ала турган болсо, анда өзүнөн кийинки жеңүүчү менен орун алмашат.

“Пайгамбарыбыздын өмүр баяны” китеби эл ичинде кеңири таралган китеп болгондуктан конкурска киргизилди. Китептерди тандоо кеңешүү аркылуу өттү. Конкурста алыскы аймактарга китеп жеткирүү, таратуу да чоң маселе. Себеби мурунку конкурстарда кээ бир аймактарга китеп жетпей калганын, баанын көтөрүлүп кеткенин уккандыз. Ошондуктан бул жолкусунда “Риядус Солихин” менен “Абу Ханифанын өмүр баянын” “Адеп башаты” менен КИУ биргеликте басып чыгарды. Буюрса, арзан баада жер-жерлерге таркатууга көмөктөшөлү деп жатабыз.

Бул жерде негизгиси жеңиш эмес, негизгиси чын дүйнөдө Пайгамбарыбыздын колдоосуна татыктуу болуу деген эң чоң бакыт бар экенин эсибизден чыгарбайлы!

# Ач көз элитаны төңкөрүү – жакшы көрсөткүч



Дарон Ажемоглу менен Жеймс А. Робинсон жазган Өлкөлөр эмнеге кулайт/ Бийликтин, Өнүгүүнүн жана жакырчылыктын келип чыгышы (Why Nations Fail \ The Original of Power, Prosperity, and Poverty) аттуу китеби экономикага кызыккан адамдардын көңүлүн бургандыктан андан бир нече үзүндү которуп, жайгаштырууну туура көрдүк. Аны окуганда Кыргызстан Орто Азия мамлекеттеринин арасында өнүгүүгө эң жакын өлкө экенине ишенсе болот



## Себептердин себеби бар

Бул китеп кирешеси, жашоо шарттары аркылуу бири-биринен асман менен жердей айырмаланган эң бай жана эң жакыр мамлекеттердин тарыхына жана азыркы учуруна сарсеп салат. Кээ бир мамлекеттердин жакырлыгын географиялык шарттарга байланыштырышат. Мисалы, жерине эч нерсе өспөйт, кургак, ошондуктан айыл-чарбасын өнүктүрүүгө ыңгайсыз дешет. Кээ бирлери болсо, мамлекет жашоочуларынын байыртан калыптанып калган маданияты экономикалык өнүгүүгө жана байлык топтоого жарамсыз деген бүтүм чыгарышат. Мындай сынчылар «жакыр элдин ашыкча динчилдиги эмгектик этиканы калыптанганга тоскоолдук жаратат, дин экономикалык өнүгүүгө такыр коошпогон нерсе» деп айтышат. Экономисттердин көпчүлүгү «өкмөтү өлкөсүн эмне менен өнүктүрөрүн билбейт. Ошондуктан буга чейин жүргүзгөн чаржайыт саясатынын кесепетин тартууда» деген ойго келишип, «төбөлдөр туура кеңешчилерден туура кеңеш алышса эле телегейи тегиз, кой үстүнө торгой жумурткалаган доор келет» деп ишенишет. Бирок мындай адистер карапайым калкка чап кенедей жабышып, канын соруп келаткан анча көп эмес элита бийликте турганын көз жаздымда калтырып коюшкандай. Бул ач көз, арам тамактар өлкө экономикасын толугу менен элдин эсебинен жашоого ыңгайлаштырышкан. Мына ушул айтылган тыянак боюнча бардык жакыр элдерге сарсеп салсаң, алардын бирден-бир себеби ушундай элита экенин түшүнөсүң. Түндүк Корея болобу, Сьерра-Леоне болобу, Египет же Зимбабве болобу, негизги себеби ошол эле. Америка Кошмо Штаттары, Англия сыяктуу мамлекеттерде жарандар бийликти толугу менен басып алган элитаны тактан шыпырып түшүп, элге бирдей таратылган саясий система кура алгандыгы үчүн байып кетишкен. Бул мамлекеттердин өкмөтү эл алдында жоопкер жана ар бир жаранынын баюусуна шарт түзүп берүүгө милдеттүү. Мамлекеттердин эки түрдүү калыптануу себебин билүү үчүн алардын тарыхтарына көз чаптыруу керек.

## Жатып ичерлер менен айдатмалардын мамлекеттери

Испаниянын эки Американы каратып алуусу 1519-жылы Эднан Кортестин Мексикага кирип баруусунан улам башталып, басып алуу ыкмалары өтө тез натыйжа берген. Алар урую башчыны туткунга алуу төбөлдүн көзүн карап жашаган элди баш ийдирүүнүн эң жакшы жолу экенин тез эле баамдашкан. Натыйжада бир эле төбөлдү барымтага алуу менен бүтүндөй уруунун казынасын колго алып, букараларын кара жанын карч уруп иштөөгө мажбур кылышкан.

Ацтектердин борбору Теночтитланда жергиликтүү император Монтесума өз кеңешчилерине муюп, испандарга сый көрсөтөм деген маалда туткундалганы тууралуу францискандык кечил Бернардино де Саагуна төмөнкүчө баяндайт: «Испандар Монтесуманы тегеректегенден кийин бардык мылтыктарды бир убакта атышты. Ацтектердин жүрөктөрү түшүп калды. Монтесуманын жакындарынын баары туткунга алынды. Таң атканда испандар бышырылган таш бака, үндүк, жумуртка, таза суу жана отун талап кылышты. Курсактары тойгон соң испандар кериле басып, шаарда кандай байлыктар бар экенине кызыга башташты. Монтесума казына менен үй-бүлөсүнө таандык байлыктар жыйналган бөлмөлөрдү ачып берди. Баалуу таштар, кетцаль кушунун канаттарынан жасалган желдеткичтер менен императордун белгиси болгон бирюзадан жасалган диадеманы тартып алышты. Алтындан жасалган калкан, курлар жана зер буюмдардын баарын эритип, калыптарга куюшту. Андан кийин көздөрүнө жакшы көрүнгөн эмне болсо барын жыйнай башташты».

1569-жылы Түштүк жана Борбордук Америка басылып алынган соң, ал жерлерди бириктирүү үчүн Франциско де Толедо вице-король болуп дайындалган. Ошондон баштап Испан королдугун байытуу системасы толук курулуп, 1825-жылга чейин өзгөрүүсүз иштеп келген. Ал үчүн эл толугу менен каттоодон өткөрүлүп, жергиликтүү калк атайын курулган шаарларга жайгаштырылган. Ацтектерде мамлекеттин ишин ашар менен бүтүрүү үчүн уюштурулган «мита» аттуу илгертен келген ыкмасы испандар үчүн жергиликтүү калктын жонунан кайыш тилген аспапка айланган. Мындан сырткары калкты салык төлөөгө жана испандар өндүргөн азыктарды жогорку баада сатып алууга мажбурлаган. Жергиликтүү калк жүк ташыган унаа катары да кызмат кылып испандарды байыткан.

Бул экономикалык ыкмалар испандарды убактылуу байытканы менен калктын бир бөлүгүн жатып ичер, экинчисин өз каалоосу менен иштебеген айдатма кылып, Латын Америкасын дүйнөдөгү эң жакыр мамлекеттер жайгашкан чөлкөмгө айлантып, экономикалык өнүгүүнүн кендирин кескен.

## Мите жукпаган Түндүк Америка

Англичандар Түндүк Американы жыргаганынан тандап алышкан эмес. Болгон себеби – аба ырайы ыңгайлуу жана жергиликтүү калкы арбын жерлердин баарын испандар менен португалдар аларга чейин эле ээлеп алышканында эле. Англичандар алардан калган устуканды мүлжүгөнө барган десек калп болбойт. Алардын Жеймстаун деген алгачкы шаары Америкада 1607-жылдын 14-майында түптөлгөн. Виржиния компаниясы деп аталган баюу ишканасы негиздеген бул шаардын алгачкы тургундары да испандардай болуп жергиликтүү уруунун башчысын туткундап, байлыгын карактап, калкты өзүнө кул кылууну көздөшкөн. Өз эмгеги менен ырыскы табуу баскынчылардын үч уктаса да түшүнө кирбейт эле. Бирок алардын бул үмүттөрү тез эле таш капты. Себеби алар конуш кылган жер күчтүү башкаруусу жок, отуз уруунун бирикмесине таандык эле. Алар өзүнө Вахунсунакок деген башчыны шайлашкан. Дайыма бири-бири менен атаандашып келген уруу башчылары бөтөн бирөөнө тургай, өздөрүнө да арандан зорго ишенчү. Ошондуктан алар эч качан англичандар менен жеке жолугууну каалаган эмес. Калкта болсо тамак-аштан башка байлык жок болчу. Барган жылы эптеп кыштан чыккан англичандар, «англис королунун алдындагы король кылып дайындалсын» деген катты белек-бекчеги менен Вахунсунакокко жолдошот. Ал болсо англичандарга төмөнкүдөй жооп кайтарат: «Эгер силердин королуңар мага белек жолдосо, демек мен да королмун. Бул менин жерим. Силердин урую башчыңар мага келсин. Мен силердин кылтагыңарга түшүп бергидей акмак эмесмин». Ошондон кийин Вахунсунакок элине колонисттерге азык-түлүк сатууга тыюу салат.

Жергиликтүү калкты иштетип баюудан үмүтүн үзгөн англичандар бири-бирин иштеткенге аракет кылышкан. Колонисттердин баары Виржиния ишканасынын менчиги аталып, атайын барактарга жайгаштырылган. Алардын иштеп тапканы толугу менен компаниянын карамагына өтүп, кайра өздөрүнө жанын араң баккыдай азык гана берилген. Буга мажбурланган колонисттер наразы болуп, кээси индеецтерге качса, кээ бири көчүп кетип, өз алдынча оокат кыла баштаган. Компаниянын башчылары 1618-жылы гана эсине келип, колонисттер менен кеңешип иш кыла баштаган. Натыйжада ар бир эркекке, анын үй-бүлө мүчөсүнө жана малайына 50 акрдан жер бирилген. Кийинки жылы Генералдык ассамблея түзүлүп, эрезеге жеткен ар бир эркек колонияны башкаруу мыйзамдарын кабыл алуу укугуна ээ болгон. XVII кылымда колонисттерди өзүнө кызмат кылдыргысы келген топтор бир нече жолу аракет кылышкан. Бирок алардын бири да ишке ашкан эмес. Ошентип эмгектенүү, баюу жана байлыгын ишке салууга мүмкүндүгү бар жарандар аркылуу гана күчтүү коом түзүлөрүн колонисттердин башчылары бир кылымдын ичинде кайра-кайра жаңылып жүрүп араң өздөштүрүшкөн.

1720-жылдары келечекте Кошмо Штаттарга айланчу колониялардын дээрлик бардыгы бирдей башкарылган. Баарында губернаторлор менен Генассамблеялар болгон. Аларды кандайдыр бир мүлкү бар эркек колонисттер шайлаган. Бул ассамблеялар менен лидерлери 1774-жылы Биринчи континенталдык конгресс өткөрүп, Түндүк Американын саясий системасын түзүп, салыктарын аныкташкан. Бул АКШнын жаралуусуна жана алардын эсебинен жашагысы келген англиялык элитаны жонунан силкип түшүрүүсүнө шарт түзгөн.

Даярдаган ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Мэр кимге керек



"Жылан чакпай, жылкы теппей" капилеттен кетем деп чыккан мэрдин кадамы көптөгөн саясий оюндардын башаты болуп берди. Кулматовдун кеткенине бир жума өтүп өтпөй жатып, мэрдик тактыга кимдер жакындап бара жатканы чекесинен көрүнө баштады



Акыркы жылдары мэрдин, деги эле чоңураак кызматтагылардын өз эрки менен кетиши Кыргызстандын саясий тарыхында боло элек болчу. Шаар тургундары бир эле Кулматовдун эмес, буга чейинки бул кызматты аркалаган мэрлердин ишмердүүлүгүнө дагы толук ыраазы болбой келген. Айта берсең арман көп дегендей, шаардыктардын наразычылыгын санай берсең, санак түгөнчүдөй болуп бараткан.

## Президенттик шайлоого даярдыкпы?

Эми жаңы мэрди шайлоо 27-февралга белгиленди. Демек, тамашанын баары алдыда десек болчудай. Кубанычбек Кулматов кызматтан кетишин үй-бүлөсүнө байланыштырганы менен көпчүлүктүн оюу ага дал келбейт. Сырттан карап турган кээ бир серепчилер мэрдин өз эрки менен кетиши таптакыр башка маселеде дешет. Буга жакындап келген президенттик шайлоону негизги себеп катары санагандар да арбын. Чынында эле, Бишкек жана Ош сыяктуу үлкөн шаарлардын ролу бир эле президенттик эмес, парламенттик шайлоолордо да чоң роль ойноп келгенин кыйытып айтышууда.

## Мэрди эл шайлашы күмөн

Бишкек шаардык кеңешинде жалпысынан 45 депутат бар. Булар мэрдик тактынын тагдырын чечүү адамдар болуп саналат. Дегеним, эреже боюнча фракциялар бул орунга өз адамдарын сунуштап, Шаардык Кеңеш "кеңешип" отуруп, татыктуусун тактыга отургузат. Ушундан улам Шаардык Кеңештин мүчөлөрүнө дагы көз чаптыра кетпесек болбос. 45 депутаттын ичинен 21и КСДПдан, калган 24ү "Ата мекен", "Замандаш", "Республика" партияларынан турат. Маалыматтар боюнча, ушул тапта КСДП үч талапкерди камдап отурат. Алар мурунку биринчи вице-премьер-министр, азыркы Мамкаттоонун жетекчиси Тайырбек Сарпашев, Бишкек шаардык кеңешинин төрагасы Марат Аманкулов жана "Манас Эл аралык аэропорту" ААКтын башкармалыгынын башчысы Албек Ибраимов. Анткени менен калган партиялар дагы куржалак отурган жери жок. Алар дагы өз талапкерлерин түртүшүүдө. Анын ичинен "Республика-Ата-Журттан" Алтынай Сеитова бар экени белгилүү. Буга чейин партиялар 6-чакырылышка ат салышып жатканда, дал ушул мэрди эл шайласын деген маселени негизги программасына бекиткени эсибизде. Бирок ошол эле партиянын мүчөсү Махабат Мавлянова азыр так ошол мыйзамдын үстүндө иштеп жатканын жана жыйынтыгы кандай болору белгисиздигин айткан. "Учурда дал ушул мыйзам долбоорунун үстүндө иштеп жатабыз. Бирок аягы кандай болоорун айта албайм. Мыйзам биротоло бир беткей болгондо коомчулукка алып чыгайын деген ойлор бар. Даяр болбой туруп ашыра айта бергенден эмне пайда?" деп сөзүн бүтүрдү ал. Мындан улам, партия көтөрүп чыгып жаткан мыйзам долбоору жакын арада ишке ашарынан айла жок шек санайт экенсиң. Анын үстүнө шайлоого дагы саналуу эле күндөр калбадыбы.

## 25 жылда 14 мэр

Өлкөбүз эгемендикти алгандан тартып, калаа башчысы болуп 14 адам иштөөгө жетишиптир. Алардын тарыхтагы таржымалын карасак, ар кимиси ар кыл жүйөө менен кызматынан кетишкен. Бирок үйбүлөсүнө, же дагы бир ушул сыяктуу маселелер менен майлуу орунду таштап баса бергендер дээрлик болгон эмес. Айтсак, кай бирине кылмыш иши козголсо, дагы бири чоңураак кызматка которулуп кеткен. Көпчүлүгү ушул тапта деле бакыйган кызматтын башында отургандар экен. Алардын арасында бүгүнкү күнү көзү өтүп, алгылыктуу иштери менен элдин эсинде калгандары дагы кездешет. Эмесе ошол мэрлерди кызматта отурган жылдары менен эсиңерге сала кетсек.

- Амангелди Муралиев (1988-1991);
- Акматбек Нанаев (1990-1991);
- Абдыбек Суталунов (1991-1992);
- Өмүрбек Абакиров (1992-1993);
- Жумабек Ибраимов (1993-1995);
- Борис Силаев(1995-1998);
- Феликс Кулов (1998-1999);
- Медетбек Керимкулов (1999-2005);
- Аскар Салымбеков (2005);
- Арстанбек Ногоев (2005-2007)
- Данияр Усенов (2007-2008)
- Нариман Түлеев (2008-2010)
- Иса Өмүркулов (2011-2013)
- Кубанычбек Кулматов (2014-2016)

## Узак иштегени 6 жыл

Байкасак, аталган адамдардын басымдуу бөлүгү бир-эки жылдан кийин эле калаа башчылыгынан кете башташкан. Жадагалса, эски мэрлердин ичинен бир жылга толук чыдабагандары да бар экен. Бир эле азыркы нефтетрейдерлер ассоциациясынын жетекчиси Медетбек Керимкулов алты жыл толук кызмат кылыптыр. Бул мэрдин кызматы өтө жоопкерчиликтүү жана биз ойлогондой оңой иш эмес экендигинен кабар берет эмеспи. Саналып өткөн эски мэрлердин көпчүлүгү калктын купулуна толгон эмес. Кылган ишинен кылбаганы, артыгыган тыртыгы басымдуулук кылып турганын эл айтып эле жүрүшөт. Алардын арасында Кулматовдун ишмердүүлүгү да бар эле.

## Эми гана иштин көзүн таап келатканда...

Анткени менен Кубанычбек Кулматов журналистер менен болгон маегинде мэрия командасы эми гана иштин көзүн таап келе жатканын айткан. Муну менен ал бир эле команда эмес, өзү дагы эми гана көрүнүктүү иштерди баштап келе жаткандыгы тууралуу кептин чекесин чыгаргысы келген. Чынында эле акыркы убакта шаарда, асыресе анын тазалыгында өзгөрүүлөр акырындап байкалып келаткан болчу. Маселен, таштанды тазалоо иши мындан мурдараак жаңы ыкмага өткөн. "Тазалык" ишканасынын кызматкерлери мурдагыдай айлык акыга эмес, ташыган таштандысына жараша акча алып калышкан. Бул кескин түрдө таштандынын азайышына алып келген.

## Эски мэр кутулуп, жаңы мэр тутулат

Адам суугa муктаж болгондой эле, шаардын чекесиндеги полигон дагы таштанды иштетүүчү заводго муктаж болуп турганын анын азыркы абалы менен шаардын атмосферасы ашкерелеп тургандай. Эсиңиздерде болсо, буга чейин Европа реконструкциялоо жана өнүгүү банкы тарабынан 2016-жылга карата жаңы полигонго жана таштанды сорттоочу фабрикага 22 млн. евро бөлүнүп берилген. Эми андан бери туура эки ай өттү. Ошондо мэрия курулуучу жаңы полигондун схемасы иштелип жатканын, жакында шаар тарыхында алгачкы жаңы полигон жана таштанды иштетүүчү завод пайда болорун айтып кубантышкан. Бул тургундардын эсинен оңой менен чыга койбос. Алар эски мэр аягына чыкпай калган иштерди жаңысы келип улантат деген ишенимде. Чынында эле, жаңы шайланып келчү мэр Кулматов таштап кутулган бир далай башы бар, аягы жок иштерге тутулары жашыруун эмес. Маселен, бүтпөй калган жолдор, жашылдандыруу иштери, жарык менен камсыздоо ж.б.. Анан калса, мурдагы мэр дагы бир ишти жартылап барып токтоткон. Ал бизнес чөйрөсү менен мэриянын биргеликте иштөө аракети болчу. Атайын 2014-жылы мэрия алдында бизнес-жамаатташтык координациялык коому түзүлгөн. Коомдун максаты бизнес чөйрөсү менен биргеликте шаардын тазалыгын жана коопсуздугун кароо болчу. Ушуну менен катар эле бизнесмендердин бизнесин жакшыртуу дагы каралган. Маселен, балдар аянтчасы курула турган болсо, колдонулган материалдарды ишкердин өндүрүмүнөн алышмак. Кеңешмеде белгилүү болгондой, шаардын шарттарынын жакшырышына бизнес өкүлдөрү дагы толук катышууга кызыкдар. Анткени алардын дагы кызыкчылыгы корголууда. "Биз бизнес өкүлдөрү менен түздөн-түз иштешебиз. Ар кандай жыйын, конференцияларды өткөрүп турабыз. Көйгөйлөр чагылдырылган соң, атайы ошол багытта иш алып барган ишкерлер менен келишим түзөбүз".

Чынында, Бишкектин басымдуу бөлүгү соода-сатык иши менен күн көрүп келгени жашыруун эмес. Беш адам турса анын экөө сөзсүз ишкер, же бизнесмен болуп чыгуусу толук мүмкүн. Анан дагы улуттук статистикалык комитеттин берген маалыматына таянсак, Бишкекте жалпысынан 39566 адам ишкерлик менен алектенип келсе, анын ичинен 8822 чакан ишканалар жана 440 орто ишканалар катталган. Бул расмий гана маалымат. Бирок расмий эмес маалымат алда канча жогору болушу шексиз. Дегеним, базардагы майда соодагерлер, алып сатуу менен киреше таап жаткандар статистикага кирбесе деле керек.

Дегинкиси, шаар тургундарына кандай калаа башчысы шайланаары манилүү эмес. Ким болбосун шаарга тазалыкты, тартипти жана коопсуздукту орнотуп берсе болгону. Кыскасы, тургундардын кимиси келсе дагы нысаптуурагы келсе экен деген учкай үмүт арткандан башка айласы дагы, аргасы дагы жоктой...

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Өрттөнөбүз деп өркүндөбөй келебиз



Өлкөбүздө жыл сайын ар кандай шөкөттөлгөн көп кабаттуу бийик-бийик үйлөр курулууда. Бирок, кооздугу көркөм болгону менен сапаты жана коопсуздук жагы аксап тургандай. Анан калса, кокустан мындай имараттарда өрт чыкса эскилиги жеткен техникаларыбыз тилсиз жоого жете да албайт экен

Мамлекетибиз көз карандысыздыкты алгандан бери 20 жылдан ашуун убакыт өттү. Бул жылдар аралыгында өлкөбүздө бир топ жаңылануулар болду. Шаарларда, борборлордо көп кабаттуу үйлөр курулуп, тургундарды кубандырды. Бирок башка өнүккөн мамлекеттердегидей болуп 20 кабаттан бийик үйлөр курула элек жана азырынча курулбай эле турса экен деп тиленгенибиз оң. Себеби, кокустан 18 кабаттуу турак жайда өрт чыкса, бизди куткарчу техникаларыбыз 9-кабатка араң жетчүдөй.

## Өлкө боюнча 3 гана автошаты бар

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин астындагы өрткө каршы мамлекеттик кызмат агенттигинин өрттүн алдын алуу башкармалыгынын башчысынын орун басары, полковник Ташманбетов Нурлан мырза биздеги өрт өчүргүчү жабдуулардын 70 пайызы союз маалынан бери келаткан техникалар экенин билдирди.

“Азыркы маалда Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин астындагы өрткө каршы мамлекеттик агенттигинде 250дөй өрт өчүргүч техникалар бар. Анткени менен техникалар учурда жетишсиз. Акыркы жолу 2009-жылы 73 өрт өчүргүч техника өкмөт тарабынан берилген. Бул жаңы техникалар эски техниканын 30 пайызын гана жапты. Калган 70 пайызы азыркы маалда өз ресурстарын жоготуп койду. Себеби алар илгерки союз маалынан бери келе жаткан техникалар. Азыр техника алуу боюнча өкмөткө кайрылдык. Өзүбүз да чет мамлекеттер менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдөбүз.

Жыл сайын чет мамлекеттен техникалар келип турат. Былтыр Азербайжандан 5 өрт өчүргүч машина келди. Аларды биз жер-жерлерге бөлүп бердик. Андан тышкары Япониядан аварияда куткаруу иштери үчүн техникалар келген. Көп кабаттуу үйлөр боюнча айтсак, бизде өлкө боюнча 9-кабатка жете турган 3 гана автошаты бар. Бирөө Ошто, экөө Бишкекте. Андан тышкары, республика боюнча 50 метрге жетчү эки автошаты бар. Ал шатыны 50 метрлик үйгө коё турган болсок, орто эсеп менен 14-кабатка чейин жетип, күйүп жаткан үйдөн эки кишини гана алып түшө алат. Мындан сырткары, айтылган техникалар 20 мүнөттө орнотулат. Демек, чынында эле бизде техникалар жетишсиз жана эски. Азыркы маалда 18 кабаттан жогору үйлөр курулуп жатат. Эгер бир нерсе болсо бизге кыйын болуп калат. Башка өлкөлөрдө тик учактарды, учактарды да колдонушат. А бизде мындай нерселер да жок.

Мисалы, өрт коопсуздугу боюнча атайын мыйзамдар да бар. 9 кабатка чейин өзүнчө мыйзам, андан жогорку кабаттарга өзүнчө мыйзам киргизилген. Мисалы, 9 кабаттан бийик имараттарда курулуш нормаларына ылайык түтүн кирбей турган тепкичтер болушу керек. Ошондо өрт 18-кабаттан чыкса да андагы жашоочулар жанагы тепкичтер аркылуу чыгып кетсе болот. Андан сырткары, курулуп жаткан имараттарда күйүүчү заттар азыраак болушу, ар бир имаратта кабар берүү системалары орнотулушу зарыл. 5-кабаттан өйдө жайгашкан ар бир балкондо, лоджияда авариялык люктар орнотулуусу зарыл. Бирок, эң өкүнүчтүүсү ууру кирет деп, же болбосо эстетика бузулат деп люктарды бүтөп, тепкичтерди кесип салып жатышат”, - дейт Нурлан мырза. Ошондой эле ал башка мамлекеттер өздөрү колдонуп бүткөн жабдууларды да жиберишерин кошумчалады.

## Өрткө даяр эмес турак жайлар көп

Эми коопсуздук жагынан жүз пайыз кепилдик берилбеген мындай үйлөрдө жашоо канчалык коркунучтуу экенин өзүңүзгө калтырсак. Ал эми кабат-кабат үйлөрдү куруп жаткан компаниялар турак жайлардын туруктуу экенине тымсыз ишендирип келишет. Бирок чындыктын баары кандайдыр бир кырсык болгон учурда билингени өкүнүчтүү.

Ушундан улам 9 кабат үйдүн жашоочусу Жаныбек байкеге кайрылганыбызда ал подъезддерде өрткө каршы эч кандай чара көрүлбөгөнүн төмөнкүдөй билдирди:

“Биздин үй бетондон, тактап айтканда, илгерки курулуш материалдарынан салынган. Бирок, кырсык болгон учурларга деп эч кандай чаралар көрүлгөн эмес. Жашоочулардын кээ бирлеринин үйүндө гана өрт өчүргүчү нерселер болбосо, дээрлик көпчүлүгүндө жок. Кудайга шүгүр, азыркыга чейин эч нерсе боло элек, эми деле боло койбос дегендер да арбын. Анткени менен кокус өрт чыгып кетсе, качып кутулганга жанагындай кошумча тепкичтер дагы орнотулган эмес. Азыр биздикиндей эски үйлөргө маани деле берилбейт. Коопсуздуктар сакталып жатабы, же жокпу ушул убакка чейин эч ким келип көзөмөлдөгөн эмес, жана көзөмөлдөбөйт деле болуш керек.”

## Кооздук деп коопсуздуктан баш тарткан имараттар

Өлкөбүздө жыл сайын жүздөгөн курулуш обьектилери салынып келет. Бирок, ошонун баары тең курулуш шарттарын сактап, иш аракеттерин туура жүргүзүп жатат дегенге кепилдик барбы? Сыртынан карасаң баары эле көз жоосун алып, зыңкыйып тургандай. Бирок, кокус мындай имараттарда өрт чыгып кетсе, биздин өрт өчүргүчү техникаларыбыз ылдыйдан гана жардам көрсөтө алат. Ошондуктан ар бир көп кабаттуу үй өзүн-өзү сактоого даяр болушу керек. Сулуулуктан жылуулук деп айтып жүрүшкөндөй, эстетика, кооздук деп эле коопсуздук үчүн керектүү нерселерден баш тартуу бул бүтүндөй үй-бүлөнү ажалга дагы бир кадам жакындатат.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу экология жана техникалык коопсуздук инспекциясынын алдындагы өрт көзөмөлү башкармалыгынын башчысы Таалайбек Өмүрзакович өрткө каршы даярдыгы жок салынган үйлөрдү бузуу да кыйын экенине токтолду.

“Көп кабаттуу үйлөрдө коопсуздук маселеси имарат салынганга чейин аткарылышы керек. Курулуш имаратын биринчи баштаарда атайын бир долбоор иштелип чыгат да аны Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин астындагы өрт коопсуздук агенттиги карайт. Ошол жерден өрткө каршы атайын иш-чаралар камтылып-камтылбагандыгы тууралуу көзөмөл жүргүзүлүп корутунду чыгарылат. Ошондо гана ал долбоор мамлекеттик экспертизадан өткөн болот. Ар бир курулушта өрт коопсуздугу кантип сакталышы керек деген жоболор жанагы документтерде бекитилип, так көргөзүлгөн. Мына ошонун баары бүткөндөн кийин гана шаардык архитектурадан курулушту баштоого уруксат алышат. Курулуш башталгандан кийин долбоордо каралган маселелер толугу менен аткарылышы керек. Негизи өрт коопсуздугу боюнча шарттар өкмөттүн 108-токтомунда жазылган. Ага ылайык, кандай текшерүүлөр жүрүшү керек экени каралат. Демек, башындагы айтылган долбоор боюнча үйлөр курулганга чейин өрт коопсуздугу тууралуу маселелер сөзсүз түрдө бекитилиши зарыл. Азыркы тапта курулуп жаткан обьектилердин 80 пайызы жеке менчик ишканалардыкы, 20 пайызы гана мамлекетке таандык. Көп кабаттуу үйлөрдө шарттуу түрдө кошумча тепкичтер, люктар болушу керек. Курулуш деген чоң процесс болгондуктан, биз ар бир имаратта люк, же өрт учурунда чыкчу тепкичтер коюлуп жатабы деп жанында кечке карап тура албайт экенбиз. Ал эми курулуп жатканда компаниялар буларды эске албай коюшу мүмкүн. Ошондон улам курулуш учурунда жанагы тепкичтер коюлбай калып жатат. А биз арыз түшкөндө гана бара алабыз,”- деди Таалайбек мырза.

Бардык жаңы курулуштарда өрттүн алдын-алуу жабдуулары орнотулганбы же жокпу, кырсык болгонго чейин сыр бойдон кала берет. Бирок, мамлекетибиздеги адам өмүрүн сактай турган техникалардын эскилиги жетип, саналуу гана калганы айныгыс далил жана эң өкүнүчтүү көрүнүш. Учурда колубузда турган коопсуздук жабдууларыбызга таяна турган болсок, болжол менен 9 кабаттан жогору кура албайбыз. Мамлекет үчүн адам өмүрүнүн коопсуздугу биринчи орунда болуусу шарт. Ошондуктан бийлик өкүлдөрү айтылуу маселени тез арада колго алуулары абзел. Союз маалынан бери жаңыланбаган жабдуулар мындан жогору чыга албай тура берсе, биз дагы өркүндөбөй олтура беребизби?



ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# «Мыйзамсыз курулуш», мыйзамдуу документ

Жакында эле Бишкек шаарынын Ибраимов көчөсүндө жайгашкан 42-үйдүн жашоочулары наразычылык акциясына чыгышты. Анткени аларга тиешелүү жер тилкесине мыйзамсыз имарат курула башталган. Тургундар бул иштин токтотулуусун жеке ишкерден талап кылышууда





Эл наразы болгон жеке ишкердин стоматологиясы

## "Бөлүнгөн жерге сыналгы алып беребиз дешүүдө"

Ал эми Ибраимов көчөсүндө жайгашкан **№42 үйдүн жашоочусу пенсионер Зина Төлөнова** №42 үйгө тиешелүү 8 метр жерден 8 сантиметр жер ашпаганын билдирди: "Жаныбызда жайгашкан үйдө стомaталогиялык борбор бар. Ошол борбордун жетекчиси 2007-жылы мурунку мэр Нариман Түлеевдин убагында ал жерге уруксат алыптыр. Мына ошол 2007-жылы алган уруксаты менен 2016-жылы келип ишин баштап отурат. Мындан бир ай мурун таңкы саат 7:30да 42-үйдө жашаган 81 батирдин жашоочуларын адам катары көрбөй,



бирөөбүздөн бир ооз сурабай туруп үйдүн алдындагы бактарды кыйып башташты. Ал бизден уруксат сурабаганы аз келгенсип, таң эрте уйку бербей, 12 түп бакты кыйдырды. Бактарды биз 1981-жылы балам экөөбүз, дагы эки карган абышка болуп чогуу тиккенбиз. Ал бактар 40 жашка келгенде эч кимибизден сурабай кыйып салышты. Андан кийин суроо-сопкуту жок эле дубалдарды да орнотуп салды. Биз, бул жердеги элдер наразы болуп жүрүп, ал дубалдарын алдыртып салганбыз. Бирок, алынганына бир жума боло электе 42-үйдүн жашоочуларынын жашын да, карысын да көзгө илбей туруп дубалды кайра куруп алды. Негизи биздин үйгө 8 метр жер тиешелүү болчу. А бүгүнкү күнү бизге 8 метр эмес, 80 сантиметр да жер калган жок. Ошондо ал жерди 81 батирдин ар бирине бөлгөндө ар бирибизге 33 чарчы метрден тиет экен. Эми ушул жерди алыш үчүн ар бир үлүшкө бирден сыналгы беребиз деп жатат. Эмне кереги бар бизге сыналгынын? Бизге кереги жок. Бул жерге курулуштун пайдубалын салыш үчүн килейген аң казылат (котлован ). Ал эми табийгатка эч ким кепилдик бере албайт да. Кокус эртең жер титирөө болсо бул 9 кабаттуу үй кулап калбайбы. Ошондуктан биз бул жерге имарат салдырбайбыз. Анткени бул жерде биз жашайбыз, биздин балдарыбыз жашайт жана неберелерибиз да жашашы керек. Үй кулап калса, биз кайда барып жашамак элек? Же ал баарыбызга батир алып береби?"

## "Бактын баарын кыйса болот экен"

**№42 үйдүн дагы бир жашоочусу Мира Сулайманова** эгерде 2 кабаттуу имарат салына турган болсо, жашоого мүмкүн болбой каларын төмөнкүчө билдирди: "Мен бул үйдүн 1-кабатында жашайм. Менин арызымдын негизинде Бишкек шаардык архитектурасынан эскертүү келген. Арыздын жообун тактап, кайра артка бергенге чейин дубал тургузуп койгону элдин кыжырына тийип жатат. Бул имарат биринчиден шаардын көркүн бузат. Анткени, бул жер шаардын борбору болгондуктан 9 кабаттуу үйдүн алдында турган 2 кабаттуу имарат тооккана сыяктуу көрүнөт. Андан сырткары, аябай зыянын да тийгизет. Азыркы келе турган мэр шаардын көркүнө көңүл бөлсө дейт элек. Экинчиден бак-дарактарды коргошубуз керек. Себеби, азыркы заманда бак өстүрүү өтө кыйын. Эгерде бак-дарактарды ушинтип кыя берсек бат эле жок кылып коюшубуз мүмкүн. Баардык нерсени мыйзам чегинде жасаса, элдер менен эсептешсе жакшы болмок. Бул жерде жаныбарлар эмес, адамдар жашайт. Ошондой эле, көчөгө да жакын. Эч кандай курулуш салына турган жай эмес. Эгер 2 кабаттуу имарат курулса күн да тийбей калат. Анан жашаганга да мүмкүн эмес. Жашоочулардын айнегин да тоспош керек да. Имарат салам деген адам коңшу үйдө жайгашкан стоматологиялык борборунун жанындагы биринчи кабаттагы үйлөрдү бүт сатып алыптыр. Мен муну угуп алып ага кирип айттым. "Мейли меникин да алгыла" дедим. Ал бул жагын ойлонуп көрүп, эл менен эсептешкени жакшы. Бул маселе боюнча ОМС, НТУ, укук коргоо органдарына кайрылсак, алар дагы "бизге берген арызыңардын жообу менен кайрылгыла" деди. Ал эми жооп 16-февралда келет экен. Бул жооп келгенче имарат курулбашы керек эле. Бактардын кыйылуусу боюнча Зеленстройго чалып байланышып көрдүм. Алар "Эже бизге акчасын төлөдү. Биздин өзүбүздүн балдар барып кыйып жатат" деди".



## "Бактарды мыйзамдуу эле кыйдык"

Ушундан улам окуянын чын-бышыгына жетүү үчүн биз да «Зеленстройго» кайрылганыбызда ал жердин кызматкери Билим Кыдыргычев Ибраимов көчөсүндөгү 42-үйгө тиешелүү жер тилкесиндеги бактар мыйзамдын негизинде кыйылганын төмөнкүчө айтып берди: "Бул маселе боюнча арыз түшкөн. Аны кура турчу компаниянын ээси жазган. Ошол арыздын негизинде текшерүү иштерин жүргүзгөнбүз. Документтер боюнча жер тилкеси курулушка берилиптир. Компаниянын ээси "Курулуш баштайбыз, бактарды кыйып бергиле" деген. Биз тиешелүү тараптар менен макулдашып, комиссия текшерген жана документтердин баары даярдалып, бактарды кыюуга акча төлөгөндөн кийин баарын кыйганбыз. Биз бул бактарды мыйзамдуу эле кыйдык. Ошол үйдө жашаган жашоочулар МТУ кварталга баш ийет. Ал эми МТУ болсо үй башчылардын кызыкчылыгын коргойт. Биз бул бактардын маселеси боюнча МТУ менен макулдашып, кол коюлган жана алар баланча күнү, баланча убакытта бак кыйылат дегенге кол койгон. Ал кагаздарга Акимиат, акимдин орунбасары, экология да кол коюп макулдук берген. Биз өзүбүз барып алып эле кыйган жокпуз. Бизге прокуратуранын чечиминин кереги жок. Бизде өсүмдүктөрдү алуу эрежеси (правила сноса зеленосождения) деген бар".

Наразы болгон элдердин арыз-муңун угуп, жерди сатып алган жеке ишкер менен сүйлөшүүгө барганыбызда, стоматологиялык борбордун оозунда отурган кызматкерлердин бири жетекчиси жок экенин айтып, жер тилкеси мыйзамдуу түрдө сатылып алынганын төмөнкүчө билдирди:

– Чоң кыз, биз маалыматты уруксаты жок бере албайбыз. Ал эми жер мыйзамдуу түрдө сатылып алынган. Ага тиешелүү документтери бар. Жергиликтүү жашоочулар дагы тиешелүү кагазды көрүп таанышып чыгышкан. Жерди качан сатып алганын мен билбейм. Мен эч нерсе биле албайм. Элдер жетекчи менен өзүнчө сүйлөшкөн.

## "Стоматологиялык имаратта уулуу гүлдөр өстүрүлөт"

Бул ишкерге бир гана №42 үйдүн тургундары эмес, анын стоматологиялык борбору жайгашкан 40-үйдүн жашоочусу Надежда Фёдеровна да наразы экен. Ал ден-соолугуна зыян тийгизчү уулуу гүлдөр өсүп жатканы тууралуу мындайча билдирди: "Бул стоматологиялык имаратта уулуу гүлдөр өстүрүлөт. Вентиляция болсо менин тереземдин түбүндө турат. Мен бул борбордун ээсинен гүлдөрдү алып салуусун сурангам. Бирок ал "бул гүл эч кандай уулуу эмес" деп айтууда. Ал гүл уулуу экени китепте жазылып турат. Эгерде ал мындай гүлдү жактырса, өзүнүн үйүнө өстүрүп алып жыттабайбы. Гоголь көчөсүндө да ушундай гүлдөрдү сатышчу. Эми анын уулуу экенин билгенден кийин, ал дүкөндөн да алып салышыптыр. Бул гүл ден-соолукка зыян алып келет."

## "Прокуратурада текшерүү иштери жүрүп жатат"

Ал эми Бишкек башкы архитектурасынын пресс-катчысы Эсенаалы Өмүркулович: "Материалдын баарын Башкы прокуратура алып кеткен. Себеби ошол үйдүн тургундары прокуратурага арыз менен кайрылып, ар тармактуу текшерип берүүсүн өтүнүшкөн экен. Ошондон улам прокуратурадан келип бизде болгон архивдик материалдардын баарын алып кетишкен. Бүгүнкү күндө прокуратурада текшерүү иштери жүрүп жатат. Прокуратуранын жыйынтыгы менен гана толук жооп бере алабыз. Себеби ал материалды толук окуп туруп айтмайынча, кандайдыр бир тескери маалыматтар кетип калышы мүмкүн. Ошондуктан алдын ала жооп бербей туралы. Кийин жыйынтыгы келгенде баардыгын башынан көрсөтүп айтып беребиз", – деген оюн билдирди.

*Ошону менен кепти жыйынтыктай турган болсок, бул жерде эки тарапта тең окуяны ырбатпай, бир пикирге келип чече турган жөн билги адамдар жок сыяктуу. А чынында, босогодо отуруп алып, келген адамдарды кожоюнуна жолотпой үрүп турган иттер кимдин гана кыжырына тийбесин. Ошол эле маалда, кошуналар тынчын алып кайра-кайра тажата бергенде айласы кетип ажылдаган итин босогого байлап койгон адамдар да болот. Бирок, кандай маселе болбосун кожоюнун кызганган күчүктөргө жашынуу маселени чечмек тургай, окуяны ого бетер ырбатаары турган иш. Андан көрө жакшылап сүйлөшүп, бир пикирге келүү качан болбосун талапка ылайык болчудай.*

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Унутчактыктан арылууну унутпаңыз

Унутчаактыктын эң негизги себеби – адамдардын маалымат майданында жашап жатканы. Татыктуу жашоо үчүн эс-тутумду жакшыртуу муктаждыгы бар




Эс-тутум бул биздин жашообузду калыптандыруучу эң маанилүү нерсе. Ал мээбизде үч кызмат аткарат: маалыматты кабыл алат, сактайт жана керек учурда кайра кайтарат. Бул үч функциянын толук аткарылышы үчүн эс-тутумду жакшыртуу муктаждыгы жаралат.

Азыркы убакта "Эске тутуум начарлап баратат" дегендерди көп угуп калдык. Анын эң биринчи себеби – электрондук маалыматтардын пайда болушу. Мисалы, студенттер, окуучулар сабакта берилген тапшырманы компьютерге көчүрүп коёт да, ошого ишенип жүрө берет. Ошондой эле эсеп чыгарууда да мээни иштетүүнүн кажети жок. Себеби телефондогу калькулятор бат эле эсептеп берет. Азыркы компьютер, телефондор адамдын мээси сыяктуу кабылданып калды.

Экинчи бир себеби – азыркы заманбап адамдардын маалымат майданында жашап жатканы. Тактап айтканда адамдын мээси бүгүнкүдөй көлөмдүү маалыматтарды сактаганга күчү жетпейт. Мээге канчалык көп маалымат жүктөгөн сайын ошончолук унутчаактык пайда болот.

Максатка ылайык эс-тутумду кыска мөөнөттүү (оперативдүү) жана узак мөөнөттүү (дайымкы) деп экиге бөлөбүз. Студенттер, окуучулар сынак учурунда көп маалымат жатташат да, сынак бүтөрү менен оперативдүү эс-тутумдан маалыматтар учуп кетет. Ал эми жакын адамдардын телефон номурларын жатка билүү – бул дайымкы эс-тутумдагы маалымат. Себеби анын өмүр бою керектелчү мааниси бар.

### Эс-тутумду начарлаткан критерийлер:

- **Уйку нормасынын бузулушу.** Ашыкча да, аз да уктабаңыз. Эң аз 6, эң көп 8 сааттык уйку жетиштүү.
- **Туура эмес тамактануу.** Көрүнгөн нерсени жей бербеңиз. Көбүнчө жашылча жемиштерди жегенге аракет кылыңыз.
- **Спирт ичимдиктери, тамеки ж.б.** Эске тутууну начарлатуучу эң негизги критерий, жадакалса, өлүмгө чейин алып барат.
- **Көрүү жана угуу органдарын туура эмес колдонуу.** Кандай гана сайт, китеп, телевизор, кино, радио, музыка болбосун, пайдалуусун жана маанилүүсүн тандаңыз.
- **Стресс, депрессия.** Депрессияга кабылбоого, кабылсаңыз да батыраак арылууга аракет жасаңыз. Жүрөккө, ой-жүгүртүүгө, психологияга өтө зыян келерин унутпаңыз.
- **Монотондуулук** (окшош күндөр, күндө бир эле нерсени жасоо). Күндөрүңүздү ар түрдүү өткөрүңүз. Бир күнду бирге иштегендер менен, бир күндү досторуңуз менен, дагы бир күндү тууган-туушкандар менен өткөрүңүз. Оң колуңуз менен жазып жүрсөңүз, сол колуңуз менен жазып машыгыңыз. Бул мээге көнүгүү болот.

### Эс-тутумду кантип жакшыртуу керек?

Эс-тутумду жакшыртууда төмөнкүлөр пайдалуу:

- **Көңүл буруу.** Ар бир кылган ишке маани берүү. Убагында жасоо, бир ишти бүтүрбөй, экинчисине өтпөө. Мээни ар кандай кейгөйлөр менен толтурбоо керек.
- **Түшүнүү.** Алып жаткан маалыматты ой-жүгүртүү менен эстеп калуу. Мисалы, бир окуучу мектепте мугалими математикадан иштеген мисалды көңүл коюп, түшүнүп алса, үйгө келгенде да өз алдынча мисалдарды иштей алат.
- **Бөлүшүү.** Окуган китепти анализдеп, ал эмне болгон чыгарма, эмнеге жазылды, эмнени айткысы келди, эмне үчүн бул теманы козгоду деп, кызыгуу менен окугандан кийин башкаларга сунуштаса жана сунуштап жатканда китеп тууралуу ой бөлүшсө, эс-тутумга өтө пайдалуу.
- **Ыр жаттоо.** Же кандайдыр бир нерсе жаттоо мээни тазалап, иштешин күчөтөт.
- **Кайталоо.** Окуганыңызды же жаттаган нерсеңизди үн чыгарып кайталап туруңуз.
- **Бардык сезүү органдарын колдонуу.** Мурун, кол, көз, кулак, тилди туура пайдаланыңыз.
- **Эмоциянын күчүн колдонуу.** Ыйлагыңыз келип турса, айланаңыздагыларга карабай ыйлап алыңыз. Ал эми күлкүңүз келген учурда да каалагандай күлө билиңиз. Ичиңизге көп сыр катпай, бир сырдаш (жансыз болсо да) таап алып айтып туруңуз. Жеңилдеп, бошоп каласыз. Мээңиз да тазаланат.
- **Байкагычтыкты арттыруу.** Канчалык көп адам менен таанышпаңыз, атын эстеп калганга аракет жасап, керек болсо атынын маанисин сурап, кызыктуу элестер менен байланыштырып эстеп калыңыз.
- **Спорт менен алектенүү.** Күнүгө көнүгүү жасап, же болбосо спорттун бир түрү менен алектениңиз.
- **Жаңы нерселерди үйрөнүү.** Башка тилдерди үйрөнүү
- **Көп китеп окуу.** Китептин баарын эле окуй бербеңиз. Анткени баарын окуганга адамдын өмүрү жетпейт. Ошондуктан бул жашоодо сизге эң зарыл жана пайдалуу болгондорун тандаңыз.



### Мээ жана эс-тутум тууралуу кызыктуу маалыматтар:

- Аялдын мээси эркектикинен салмактуураак. Мээ булчуңга окшош. Аны канчалык машыктырса, ошончолук чоңоёт. Эркек кишинин мээси 1420 грамм, ал эми аял кишиники 1560 грамм. Адам картайган сайын мээсинин салмагы азаят.
- Адамдын мээси аялдыкына караганда, эркектин үнүн тез кабыл алат. Эркектин үнү мээнин башка бөлүгүнө, аялдын үнү башка бөлүккө таасир этет.
- Билимдүү адамдар мээ оорулары менен азыраак оорушат. Мээге интеллектуалдык күч келген сайын, жабыркаган ткандар жаңы ткандар менен алмашып турат.
- Биз мээбиздин 5–7 гана пайызын колдонобуз. Эгерде мындан 2 эсе көбүрөөк колдоно турган болсок, дүйнөлүк цивилизация эки эсе өнүккөн болор эле. Мээнин калган бөлүгү эмне үчүн керек экени окумуштуулар үчүн али белгисиз.
- Сыйынуу, намаз окуу, медитация мээнин иштешин жакшыртат. Сыйынуу учурунда адам реалдык дүйнөдөн алыстайт. Мээнин аналитикалык бөлүгү иштебейт, мээ толкундары жана кан басымы нормалдашат. Балким, ушул себептенби, кайсы динде болбосун, көп дуба кылган адамдар оорукана азыраак кайрылышары тастыкталган.
- Реакция ылдамдыгы. Мээге келип-кеткен нерв сигналдарынын ылдамдыгы саатына 288 чакырым. Улгайганда бул ылдамдык 15%га азаят.
- Дүйнөдөгү эң акылдуу калк – жапондор. Алардын орто IQ көрсөткүчү (IQ – интеллектуалдык коэффициент) 111ге барабар. Катардагы адамдардын IQ көрсөткүчү– 56.
- Жөнөкөй адам кыска мөөнөттүк эс-тутумуна 7 маалымат сактай алат. Мисалы, "алма, китеп, баштык, кийим, калем, too, жоогазын, телефон, мектеп" сөздөрүнүн жетиден ашыгын кыска мөөнөттө жаттап калсаңыз, анда сиз жөнөкөй адам эмессиз.
- Мээнин 75%ы суудан турат. Андыктан эс-тутумуңуз мыкты болушу үчүн күн сайын жетиштүү деңгээлде суу ичип туруу зарыл.
- Мээ денеден кийин ойгонот. Таң эрте денени ойготуу үчүн кандай көнүгүү жасалса, мээге да интеллектуалдык көнүгүү пайдалуу. Мисалы, ойгонор замат телефон кароонун ордуна, кроссворд чечүү.
- 5 жашар бала 50 жаштагы адамдан акылдуу. Адамдын мээсинин өнүгүү мезгили 2–11 жашка туура келет. Андыктан, бала тарбиялоодо ошол учурду эске алып, жакшы нерселерди үйрөтүү керек.

### Эс-тутум рекорддору

Азыркы күндө эс-тутумду арттыруунун чеги жок экендигин тастыктаган юрист Самвел Гарибян болуп эсептелет. Ал Ростов университетинде студент болуп жүргөн кезинде ден-соолугуна байланыштуу врачтарга кайрылганда, врачтар жарым жыл бою окуганга жана жазганга тыюу салат. Ошондон кийин ал угуу жөндөмүн өстүрүүгө өтөт.

1990-жылы Гиннес китеби ага "Жер жүзүндөгү эң күчтүү эс-тутумга ээ адам" наамын берет. Самвел Гарибян он тилде сүйлөгөн, бири-бири менен байланышпаган 1000 (миң) сөздү бир эле жолу укканда эсине сактап, кайрадан айтып берген.

XVII кылымда Италиянын Флоренция шаарында туулган Антонио де Марко 81 жашта экенине карабай китептин бир бетин 2–3 секундда эле окуй алган. Анын бул жөндөмү өлгөнгө чейин уланган.

XIX кылымда жашаган Паул Чарлз Морфи шахмат боюнча өзгөчө ийгиликтерди жаратткан. Ал көзүн таңдырып алып, бир эле учурда бир нече адам менен шахмат ойноого жөндөмдүү болгон. Бул киши төрт жүздөн ашуун маанилүү оюндарынын ар бир жүрүшүн акырына чейин акылында сактап калгандыгы менен да уникалдуу.

### Балдын эс-тутумга пайдалуулугу

Дүйнөгө белгилүү дарыгер Ибн Сина эс-тутумду калыбына келтирүү менен бирге, жаштыкты сактап калуу үчүн балды сунуштаган. Күнүгө 1 чай кашык балды таза сууга аралаштырып ичип жүрүүнү адатка айлантыңыз.

Материалды даярдаган
АЙНАГҮЛ КУДАЙБЕРДИЕВА

# “Цирк дүйнөсү менин жашоом”

Өз өнөрү менен мекенибизди чет өлкөлөргө тааныткан миң кырдуу таланттардын арасында цирк өнөрү менен бир топ жерлерди кыдырып, чет жактарда желегибизди желбиретип келе жаткан кыргыз жигиттери да бар. Алардын бири Айбек Момунов мырза менен кызыктуу маек курдук

## Спортко болгон кызыгуум мени цирк дүйнөсүнө алып келди

Өзүм Баткен облусунун кулуну болом. Балалыгым Кадамжай районунун Марказ айылында өттү. Жаштайыман спортко жакын чоңойдум. Бул касиетим цирк дүйнөсүнө аралашып калуума себеп болду десем болот. Эсимде кичине кезимде көлгө эс алганы барып калдык. Ошол жакта цирктин артисттери концерт коюп жатыптыр. Алардын өнөрлөрүн көрүп аябай таң калып, катуу таасирлендим. Анан кыялыма жетүү үчүн акробатика жанрын өздөштүргөн адистерге жолугуп, талантымды байкап көрүүлөрүн өтүндүм. 3 күн сыноодон өтүп, даярдыктарды көрүп жатып, цирк дүйнөсүнө кошулдум.

## Алгач өнөрүм чет өлкөдө бааланды

Эң биринчи жумушка кирген кезимде чет өлкөгө жөнөгөнү турушкан экен. Номерлерди даярдап алып, чет жакка чыгып кеттик. Биринчи жолу өнөрүмдү чет жерде көрсөттүм десем болот. Алгач аренага чыкканда аябай сүрдөп, бир жумадай кыйналып жүрүп, кийинчерээк көнүп кеттим. Кокус бир жерим окшошпой, же туура эмес болуп калса артисттик касиетимди колдонуп, оңтойсуз абалдардан чыгып кетем. Бирок, ар бир жаңы трюкту аткарган сайын толкунданам.

Ушул өнөрүм менен бир далай жерди кыдырдым. Түркия, Казакстан мамлекеттеринин ареналарында бир нече жолу оюн көрсөттүк. Азыркы учурда Италияга жөнөгөнү жатабыз. Кыргыз жигиттери менен биргеликте өлкөбүздү таанытып жатканыбызга сүйүнөм. Себеби ар бир оюнубузду тартуулаарда көрүүчүлөргө кыргыз циркинин артисттери деп тааныштырышат. Чет өлкөдө баары кыргыздар деп сыйлап, колдоп турушат.



## Цирк менин жашоомду бүтүндөй ээлеген

Циркте мачта жана дарбоз жанрында өнөр көрсөтөм. Оюндарды жетекчилерибиз менен бирге даярдайбыз. Болжол менен бир оюн 7-10 мүнөт болот. Өзүм 10го жакын трюк билем. Бир нерсени мыкты аткаруу үчүн өз жумушуңду сүйүшүң керек. А мен болсо циркsиз жашоомду элестете албайм. Бул жактагы балдардын баары жумушун сүйгөн, ошого жан дили менен берилген патриотпуз десем жаңылышпайм. Циркте мээнетимдин акыбети кайтып, тапкан каражатым өзүмө гана эмес үй-бүлөмдү кубандырганга дагы жетет.

## Чет жерде өнөрүбүзгө кызыккандар көп

Көрүүчүлөрүбүздүн саны Кыргызстанга салыштырмалуу чет жерде арбын. Мисалы цирктин оруну 3000 кишиге ылайык болсо, концерт күндөрү орундарга батпай, сыртта калган адамдар толуп кетет. Ал эми бизде орундар кээде толсо, кээде толбой да калат дегендей. Чоңдор циркке акробат сымал өнөрлөрдү көргөнү келишсе, жаш балдар маскарапоздорго кызыгышат. Жалпы-жонунан алганда цирк дүйнөсү чоңун да, кичинесин да өзүнө тарткан сыйкыр десек болот. Бардык циркте сыйкыр бар. Себеби, сыйкыр кантип жараларын биз билебиз. Негизинен эле цирктегилердин баары сыйкырчылар десем болот. Ар бир оюн кантип жараларын өз көзүбүз менен көрөбүз. Сыйкырдын ичинде жүрүп, ал кантип жараларын билгендиктен, өзүм ага ишенбейм. Бирок көрүүчүлөргө тартуулаганды жактырам.

## Өмүр бою цирк менен болом

Келечекте да цирк менен жашайм деп ойлойм. Алдыга койгон максатым – өз жумушун мыкты билген цирктин эң алдыңкы өнөрпозу болуу. Ошондой эле цирк дүйнөсүнө кызыккан кичине балдарды да кол алдыма алсамбы деп жүрөм. Аларды кыргыз циркин өнүктүрүп, чет жерде таанытa алгандай тарбиялагым келет. Тагыраак айтканда, өз жетекчилеримдин жолун жолдоону каалайм. Жаштарга спорт менен машыккыла, бир келген жашоодо зыяндуу нерселерди колдонбой, убакытты туура пайдалангыла дээр элем. Кызыккан жумуш менен алектенүү дагы чоң ийгилик. Ошондуктан бул жашоодо өз ордун таба билүү зарыл.








Материалды даярдаган ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



# Аңгеме жазуунун чыныгы чебери

**Жазуучулук ар качантан мээнеттүү иш катары саналып келгени баарыбызга белгилүү. Дартка чалдыккан жан дүйнөңө даба болгон жакшы сөз ар убакта адамдык сапатыңды жоготуп жибербегенге себепчи болуп турат. Эмесе, бүгүнкү адабият рубрикабызда кыргыз элине чыгармалары менен аттын кашкасындай таанымал жазуучубуз Аман Саспаев тууралуу кеп кылалы**

## Сарыбайдын тукумунан болом

Кыргыз профессионал адабиятынын проза жанрында калеми менен ак кагаздын дыңын бузуп, не бир жакшы чыгармаларды жазып, коомдун эстетикалык аң-сезиминин өсүшүнө себепчи болгон жазуучулар бар. Алардын катарына турмуштук практикасы бай, башынан түмөн түйшүк мүшкүл өткөн жазуучу жердешебиз Аман Саспаевди да кошсок болот. Окурмандардын арасында Аман Саспаев башка жазуучулардан эмнеси менен айырмаланат деген суроо туулушу мүмкүн. Албетте, анын атагы Чыңгыздыкындай болуп таш жарбаса да, жан дүйнөңдү аңтарып салган чакан аңгемелери менен кыргыз журтчулугуна белгилүү. Бул агайыбыздын чыгармачылыгы туурасында сөз кылсак, сөздүн учугу кай жерге барып түгөнөрүн да билбейсиң. Бала кезимде “Сарала ит” аңгемесин окуганымда отурган жеримден тура албай калганым күнү бүгүнкүгө чейин эсимде. Өзү айткандай, адамдын да, жөргөмүштүн да, иттин да бул жашоого укугу бар экендиги аңгеменин чакан гана тулку-боюна батып кеткенине тан каласың.

Тагдырдын татаал ашуусун ашып, тайгак кечүүсүн кечпеген кыргыз барбы? Аман агай көл башындагы айтылуу сан жылкылуу Сарыбайдын тукумунан болсо да, советтик түзүмдүн курмандыгы болуп, чет жерге тентип кеткен кыргыздын бири. Орус оторчуларынын 1916-жылдагы кыргынынан аман кайтып келген ата-энеси 1933-жылдардагы коллективизация кампаниясын жүзөгө ашырып жаткан совет идеологдорунун купулуна толбой, “бай-манаптын тукумдары” деген кине менен экинчи ирет кайра куугунтукталган. Балалыгы Кытайда өтүп, ал жерде жашаган майда улуттардын салт-санаасын, маданиятын, тилин үйрөнүп, жазуучулукка ынтызарлыгы күчөп жүрүп кайра эле киндик каны тамган жерин карай бет алган кыргыздардын акыркы толкуну менен кытай маданияты боюнча баа жеткис кадр болуп 1962-жылы кайтып келген. Анда эмесе Аман агайдын өмүр таржымалы жөнүндө өзүнүн эскерүүлөрүнөн окуп көрөлүк.

## Түгөлбай Сыдыкбеков экөөбүз аталаш бир тууганбыз

“Мен Ысык-Көл облусунун Түп районуна караштуу Кең-Суу айылында 1929-жылы туулгам. Туулган күнүм так эмес, паспортумда 15-октябрь деп жазылган. Энем «орок бүтүп калган кезде төрөлгөнсүң» деп айтар эле. Жазуучу Түгөлбай Сыдыкбеков экөөбүз аталаш тууганбыз. Энем «13-14 бала төрөдүм, көбү чарчап калды» деп калчу. Эжем экөөбүз гана аман-эсен чоңойгонбуз.

Чоң аталарыбыз байдын тукумунан болушкан, кийин атам каза болуп калган экен. Жесир калган энем эжем экөөбүздү жетелеп алып төркүнүнө барат. Кыйынчылыктын баары ошол жерден башталды. Апамды байдын келини, бизди манаптын тукуму деп колхозго жумушка албай койду. Кыйынчылыктан улам энем Имаш Мергенбаев деген кишиге турмушка чыкты. Ошол кезде Кытайга ооп кеткен туугандарыбыз бар эле. Алар «Кытайга келгиле, жок дегенде курсагыңар тоёт» деп калышты. Апам эки чыны талканды баштыкка салып, үй-бүлөбүз менен Кытайга жөө бет алдык. Кытайга барчу жолду билбейбиз. Айтор, кете бердик. «Талкан же көйнөк берсеңер, жолду көрсөтүп берем» дегендер четтен табылды. Алар талкандарды алып, биз уктап калганда качып кетишчү.

Акыры Кытайдагы Кулжа шаарына бардык. Алгач курсагыбыз тоюп, туугандарыбыз менен чогуу жашап калдык. Бирок төрт киши аларга салмагыбызды салып отура албадык. Ал жактан кытай үй-бүлөсүнө жалданып иштеп, өгөй атам алардын чөбүн чабат, малын багат. Энем болсо кирин жуучу, нанын жасайт. Балалыгым ошентип өттү.

## Жазуучулукту тандап алып бир топ кыйналдым

7-8 жашымда аз да болсо тамга таанып, гезит көрсөм баса калып кызыгып окучумун. 4-класска кирип, окуумду уйгурча уланттым. Эжем турмушка чыгып, Кулжа шаарында жашап калды. Окусун деген үмүт менен ата-энем мени да Кулжага жөнөтүштү. Тез эле казак, уйгур тилдерин жакшы өздөштүрүп алдым. Гимназияны бүткөндө 30 баланын ичинен кайра ошол окуу жайга мени мугалим кылып алып калышты. Ал кезде азыркыдай атайын адистер жок. Кээде физикадан, казак адабиятынан, биологиядан сабак берем. Кийин уйгурча, казакча гезиттерге кабар жазчу болдум. Эң алгач «Тагамдын үйүндө бир күн» деген аталышта уйгур тилинде прозам жарык көргөн. 1954-жылы Кытай академиясы майда улуттардын лексикасын чогултабыз деп калышты. Ага мүчө кылып мени киргизип коюшуптур. Бир күнү иштерим менен Үрүмчү шаарына барсам, казак, монгол, уйгурлардын басмаканасы бар экен. Ошондо менде бир ой пайда болду. «Кытайларга казак тилин үйрөтүп эмне кылам, андан көрө басмаканага келип кыргыз балдарына китеп чыгарайын» деген ойго келдим.

Ал кезде кыргыз тилинде эч бир китеп жок эле. Үрүмчүгө басмаканага келип, кыргызча бөлүм ачтык. Жетекчиликке кирип жүрүп «Тоо гүлү» деген адабий журнал чыгарууга макулдашып, материалдарды жыйнап бүткөнүбүздө улуттук кадрлар арасында «Стилди түзөө» деген саясий кампаниянын иши башталды. Ал кытайдын улуттук саясатына байланышкан кыймыл. Саясаттан канчалык оолак жүрсөм да, ошол кампанияга кокусунан кабылып, туура эмес көз караштагы адам болуп чыга келдим. Басмаканадагы иштерим калып, мени жер астындагы жумуштарга салышты, ар кандай оор иштерди иштетишти. 1960-жылы басмаканадагы кыргыз сектору жабылып, бизди Кызыл-Суу кыргыз автономиялуу облусуна көчүрүштү. Анан Кытайда жазуучу боло албастыгыма көзүм жетти да, өз мекениме кетсем деген тилегим күч алды. 1962-жылы октябрь айында жергиликтүү өкмөт мекениме кетүүгө уруксат берди. Ата-энем ошол жерде каза болуп, эжем бала-чакасы менен калган. Мен 30 жаштан ашканда кытай кызына баш кошуп, бир уулдуу болдук. Кыргызстанга үй-бүлөм менен келдим.

> «Биз Кытайдан келерибиз менен аталаш агам өз үйүнө көчүрүп алган. Мен эртеден кечке кагаз жазам. Агам аны жактырбайт. Көрсө, ал мени өзүнө койчу кылайын деп алып келген экен.»

Согушта каза болгон аталаш агамдын үйү бош турган экен, аны оңдоп-түзөп кирип алдык. Анда дагы аңгеме жазуумду таштаган жокмун. «Шейшеп», «Кара май» деген кыска аңгемелер ошол кезде чыккан. Аларды Кең-Суудан жазып, Түгөлбай агама почта аркылуу салып жиберем. Ал китептерге бастырып коёт. Анан акырындап оозго алына баштадым.

1965-жылы «Гүлкайыр» деген алгачкы китебим жарыкка чыкты. 1966-жылы СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү болдум. Анан Ысык-Көл облусундагы жаш жазуучуларга кеңешчи болуп иштедим. «Сарала ит» деген чыгарманы жазгандан кийин эле мени «антисоветтик адам» деп Аалы Токомбаев баш болгон бир топ жазуучулар айыптап киришти. 5 жылга чейин эч кандай чыгармам жарык көрбөй калды. Кайсы гезитке барсам эле «Саспаев, сиз тууралуу бизге кагаз келген» деп ырларымды алышпайт.

«Сарала ит» деген аңгеме кыргыз жазуучуларын экиге бөлүп таштады. Чыңгыз Айтматов, Түгөлбай Сыдыкбековдор «Сарала итти» жактап, Аалы Токомбаев жана башкалар антисоветтик деп чыгышты. Жалил Садыков болсо «ирандык жазуучунун чыгармасын көчүрүп алган окшойт» деди. Кийин Москва шаарынан «Рыжая собака» деп орус тилине которулуп, китептерге чыгып кетти. Ошондо гана кыргыз жазуучулары «Сарала ит» аңгемеси тууралуу унчукпай калышты.

Биз Кытайдан келерибиз менен аталаш агам өз үйүнө көчүрүп алган. Мен эртеден кечке кагаз жазам. Агам аны жактырбайт. Көрсө, ал мени өзүнө койчу кылайын деп алып келген экен. «Тууган» деген чыгармамдын жаралышына ошол агам түрткү болгон.

Эс алайын деп пенсияга чыгып алдым. Тез эле боштуктан тажап, үйдө жата албадым. Чыгармаларды машинкага басып, почта аркылуу Түгөлбай агама жиберип турдум. 1995-жылы Ысык-Көл мамлекеттик университетине чакырып, «кытай тилинен мугалим болуп бериңиз» деп суранышты. Мен макул болуп, ошол убактан бери кытай кафедрасында иштеп келе жатам. 20дан ашык китебим бар. Кээ бир аңгемелерим ар кайсы тилге которулду.

Азыр баары эле жазуучу болуп кетти. Өкүнүчтүүсү, китеп окуп отуруп «бул жакшы экен» деп астын чийип койчу нерсе таппайсың. Алдыма оор кесипти тандап, жазуучулуктун азабын көп тарттым. Азыр балдарым чыгарма жазам десе, мен каршы болмокмун”, – деген нары кызыктуу, нары маанилүү эскерүүсү жаш мууну патриоттулукка, гумандуулукка жана да башка адамдык асыл сапаттарды жетиштирүүгө тарбиялайт. Аман агай өзүнүн 86 жылдык өмүрүндө маанилүү жашап, өмүрүн жазуучулук менен катар мугалимдик кесипке арнап, аркасында көөнөрбөс мурас калтырып кетти.

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Айылга бакча керекпи?



Мурда биздин айылда бала бакча жок болчу. Чынында ошол кездерде бакча азыркыдан да көбүрөөк зарыл болсо керек. Себеби, айылдарда азыркыдай бош киши жок эле. Курган ата-эне коммунизм, колхоз, совхоз деп жүрүп балдарын да карай алчу эмес. Бирок, биз улуусу кичүүсүн карап, кичүүсү улуусун ээрчип жүрүп эле, чуркурашып ойноп жүрүп эле чоңойдук. Андан кийин мектеп, анан жогорку окуу жай башталды дегендей. Кыскасы, бала бакча дегенди көргөн жокпуз. Азыр ошол эле айылда бала бакча бар. Шаардыкындай шарты барбы-жокпу, тарбиячылары окуганбы, окуган эмеспи, тамак-ашы кандай, жылуулугу кандай, ким куруп берди, канча акча кетти билбейм. Бирок, бир бакча акырын иштеп атат. Ошол бакча айылга канчалык зарыл экенин түшүнбөй келем.

Чынында, мал-жан, талаачылыктан башка турукту иши жок ата-эне үчүн бакчанын кереги эмне? Баса, кээ бир ата-эне «балдарыбыз бир нерсе үйрөнсүн» деп бакчага берип жүргөнүн да байкадым. Себеби, бакчадан ыр жаттатат экен, жомок окуп берет экен, ойнотот экен. Эми шаар жеринде балким кошумча тилдерди, ар кандай өнөрлөрдү да үйрөтөөр. Бирок, айылда жөнөкөй эле нерселер кайталана берет. Эми ойлонуп көрсөк, ошол жаттала турган 10 чакты ыр, 20 чакты жомок жана 5-6 түр оюнду ойнотуш үчүн алда немедей баланы ата-эненин мээриминен алыстатып, кимдир бирөөнүн колуна салып берген туурабы? Ошол ырды, ошол оюнду, ошол жомокту ата, же эне өзү окутуп, өзү үйрөтсө жакшыраак болбойт беле? Макул, чоң ата, чоң эне жок, же алыс жашайт дейличи. Өз уулуна мээримин төгүп, өз тарбиясын бергени кайра жакшы эмеспи. Мына акыркы жыйырма жылдан бери кыз-эркек дебей, баары эле жогорку окуу жайды бүтүрүп, билимдүү болуп калды. Кандайдыр бир кесипте атактуу профессор, алдыңкы адис болбосо да, алтыга чыга элек балага китеп окуп, ыр жаттатканга кудурети жетет. А андай болсо эмнеге аны кылышпайт? Сөзсүз башка бирөө окуш керекпи? Тескерисинче, ар бир балага эне өзү үйрөткөнү жакшы эмеспи. Эненин мээриминен артык эмне бар? Кандай болгон күндө да, балага энеден артык эч нерсенин кереги жок. Баланы энеден артык эч ким түшүнүп, камкордук кыла албайт. Ден-соолугу, тамактануусу, тарбиясы боюнча айтпай эле коёлу.

Кайсы бир бала бакчанын адисинен «баланы кайсы жаштан баштап бакчага берген жакшы?» деп сураганыбызда ал, «колуңан келишинче кечирээк бер. Эгер колуңан келсе, дагы бир канча балалуу болуп, чогуу тарбияла. Себеби, улам улуусу кичүүсүн жетелеп чоңойтуп, чогуу ойноп, чогуу жүрө берет» деген жоопту айткан. Чынында эле, кай бир ата-энелер бир балалуу болушат дагы, ошол чоңоюп өскөнгө чейин деп кайра балалуу болбой жүрө беришет. Натыйжада, жалгыз өскөн бала бир эсе өзүмчүл болуп, бир эсе башкаларга аралаша албай калат дешет. Мына ушундан улам, аны бала-бакчага берип, башкаларга кошконго аракет кылышат. Эми ойлонуңузчу, ата-эне кайсы жеринен жаңылды? Баланы инилүү, же карындаштуу кылып, жеке басарлыктан сактап калуунун ордуна атайылап жалгыз калтырышты дагы, кайра келе турган акыбеттен коркуп кимдир бирөөнүн колуна салып бергенге шашыла жөнөп калышты. Күйүмдүү болуунун, камкор болуунун, уялаштык сезимин ойготуунун табигый жолуна бут тосушту дагы, кайра эптеп кимдир бирөөнүн колуна салып берип, жасалма жол менен тарбиялоого шашылышты. Натыйжасы эмне болот дейсиз? Кайсы бир жасалма нерсе, табигый нерседен озуп кеткенин көрдүңүз беле? Жасалма роза жалтырап турганы менен, ал андан нары урук таштап өз алдынча көбөйө албайт жана айланасына жыпар жыт чачып, кубаныч тартуулабайт.

Анткени менен, шаар жергесинде турмуш-шарттын айынан ата да, эне да жумушка чыгууга аргасыз болуп, баласын карай албай калгандар көп эле кездешет. Же баласына жаштайынан билим берип, келечегин камсыздоо үчүн атайын күчтөндүрүлгөн бакчаларга бергендер да бар. Алар үчүн чынында эч нерсе дей албайм. Балким туурадыр, балким туура эместир, ал жагын айтыш кыйын. Мени кейиткени эле ошол айылдагы эптеп салына калган бала бакчалар жана андагы эне мээриминен себепсиз алыстаган балдар. Буга, ошол эле бакчалардагы тарбиячылардын билимсиздиги, атайын бала тарбиялоо адистигин албаган адамдардын бир эмес бир нече балага жоопкер болуп отурганы кошулганда такыр эле зээн кейитерлик абал жаралат. Себеби, атайын адистиги жок, чала сабат тарбиячы бөлөк бирөөнүн баласына кайдагы тарбияны бере алмак эле? Эптеп күндү өткөрүп, эптеп акчасын алып калууну көздөбөйт бекен? А тамак-аш жагычы? Ал жагын ким көзөмөлдөп турат дейсиз? Кандай эттен, кандай сүттөн тамак берилип турат дейсиз? Чайкашыгы канча чайкалып, чыныаягы эмне менен жуулду дейсиз? Кокус, жанагы идиш жуугуч химикат менен жуулуп, таза чайкалбай туруп тамак берилип аткан болсо, анда бул өтө коркунучтуу көйгөй экенин унутпаңыз... Деги бул жагы өзүнчө эле опол-тоодой маселе, тууганым. Андан көрө ойлонуп көрүңүзчү. Балким, уулуңуз «желим» жеп, «боёк» жутуп бакчада жүргөндөн көрө, сөөк кемирип, топого оонап үйдө отурганы артыктыр. Балким уулунуз башка бирөө менен оюнчук талашып, жулмалашып отургандын ордуна, өз инисин ойнотуп, сиз берген китепти окуп отурганы жакшыдыр. Ушуну дагы бир жолу ойлонуп көрүңүзчү...

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Чыныгы кедейлик

Жашоо үчүн өзү каалагандай шарт түзүп алган Сардар күндөрдүн бирин де уулу Акманды жанына ээрчитип алып, жакырчылыктан боюн көтөрө албаган кедейлердин кварталына ээрчитип барат.

– Уулум, ушунча жылдан бери саргара жортуп жүрүп, мээнетимдин натыйжасында минтип кызара бөртүп отурам. Байыркы Көкөтөйдөй бай болбосок дагы, акыбалыбыз Кудайга тобоо. Бир далай кишиге караганда өйдө турабыз. Турмушубуз ырас. Сени мында алып келген себебим, байлыктын баркын билсин дегеним. Көр, сен дагы кедейлердин турмушун, – дейт. Ошентип экөө кечке чейин эл кыдырып, кеч киргенде эң эле жарды турган кембагалдын үйүнө конуп алалы деп суранышат. Үй ээлери жолоочулардың жайдары кабыл алышып, колунда болгон сыйын көрсөтүп, кондуруп калышат. Мейман бала үй ээсинин балдары менен чурулдашып бир далайга ойноп, баладай болуп чери жазылат. Эртеси күнү болгондо уулун жетелеп алып жолго чыккан Сардар:

– Ии, уулум, кедейлердин кандай турмушта жашаганын көрдүңбү? – дейт.

– Ооба, ата!

– Эмнени үйрөндүң булардан?

– Ээ, ата булардан мен муну көрдүм. Булардын үйүндө төрт баласы, төрт ити бар экен. Биздин үйдө мен жалгыз итим экөөбүз эле экенбиз. Биздин бакчабыздын ортосуна чейин эле созулган бассейнибиз болсо, булардыкы баш-аягы көрүнбөгөн дарыясы бар экен. Биздин бакчабызда түрдүү лампалар болсо, алардын түмөндөгөн жылдыздары бар экен. Мен үйдөгү дубалдын кырынан алыс эч нерсени көрө албасам, булар алыстагы тоо-талааларды көрө алышат экен.

Уулу мындай шумдуктуу сөздөрдү айтканда атасы сөз таба албай дал болду.

– Атаке, биздин канчалык деңгээлдеги кедейчиликте жашап атканыбызды көргөзгөнүңүз үчүн рахмат, – деген экен уулу.

Даярдаган ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ.



# Дос жолунда өлүү эмес, чыныгы досту табуу кыйын

Достук – адамдардын бири-бирине болгон адал, бир мүдөөдөгү, ортоқ көз караштагы касиети. Достук өз ара жоопкерчилик менен камкордуктун, руханий жакындыктын белгиси. Чыныгы достук кишиге чабыт берип, өмүрдө кездеше турган түрлүү азаптарга моюн бербөөгө, башка түшкөн кыйынчылыкты бирге көтөрүүгө жардамдашат. Достордун мүнөздөрү ар түрдүү болушу мүмкүн. Бири кызуу кандуу, чапчаң келсе, экинчисинен тетирисинче, уяңдык, жигерсиздик, туюктук байкалса да, бул достукка эч кедергисин тийгизе албайт. Кайра чынныгы достук мындай кемчиликтерден арылтууга көмөктөшөт. Саткындык, эки жүздүүлүк, калпычылык, өзүмчүлдүк эч качан достук менен бир жерге сыйыша албайт. Кыргыздын салттуу адеп наркында достукка өтө терең маани берилет. Буга эл арасындагы макалдар эле жетиштүү болот. Мисалы: "Дос куйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат", "Досу жакшынын өзү да жакшы", – достуктун баркы баарынан жогору турарын айтып турат. Достукка карама-каршы келген угум – кастык, менен күнүчүлдүк. Мындай сезимге эркин алдыргандар кубаныч-кызыгын, ырысбагын көтөрө албай, дос дегендин ким экенини билбей дүйнөдөн өтүп кетет. Ошондуктан дурус досту тандай билүү – өмүрдөгү негизги максаттардын бири десек да болот.



Досту табуу оңой, бирок аны сактап калуу андан кыйын. Достукка этияттык менен карап, аны бекем сактоо керек. Достук аяр мамилени талап кылган назик өсүмдүк сыяктуу нерсе. Достон бир нерсени алууну эмес, ага берүүнүн жолдорун үйрөн. Сен экөөз достукту жаркын көңүл менен бекем сактасак, бири-бирибизге тирек боло алабыз. Өзү чыныгы дос боло алган адамдын достору да көп болот. Эгер досуң көп болсо, өзүңдү эч качан жер бетинде жалгыз сезбейсиң.

# Кыргызстан тышкы саясатын кайра кароодо

Ар бир өлкөнүн тышкы саясатында жеке өзүнө таандык логикасы болот жана ал өлкөнүн кызыкчылыктарына таянат. Ошондон улам тышкы саясат ар кандай себептерден улам өзгөрүп туруу табиятына ээ

### Өзгөрбөө табиятка терс келет

Кандай өзгөрүү болбосун мурдатан келаткан тең салмактуулукту бузбаган бойдон улантып кетүү тышкы саясаттын чеберчилигинен десек болот. «Тышкы саясатта түбөлүк достук жок, түбөлүк кызыкчылыктар гана бар» дегенибиз эртең эч ойлонбой туруп бүгүнкүнүн тетирисин кыла берсе болот дегендик эмес. Бул өзгөрүүлөр жакын ымалада турган өлкөлөрдү чочутпагандай белгилүү принципке, логикага жана эрежелерге жараша ишке ашырылат. Өлкө саясаты белгилүү бир баалуулуктарга таянып, ошолор менен курчалып турушу керек. Бурулуу алдын-ала жарыяланган талаптарга, кандайдыр бир нукка жана кадамдарга жараша болот. Ошондо гана башка өлкөлөр да, мамлекеттин ичиндеги тараптар да бул өзгөрүүлөрдү түшүнүү менен кабыл алат.

Жалпысынан өлкөлөр дүйнөлүк державалар, регионалдык деңгээлдеги мамлекеттер жана кичине мамлекеттер деп үчкө бөлүнөт. Биздин Кыргызстан регионалдык күчкө ээ мамлекет эмес. Бирок региондо жана дүйнөдө тышкы саясатыбыздын активдүүлүгү менен айырмаланабыз. Бизге окшогон чакан мамлекеттердин тышкы саясатына сырткы факторлорго караганда ички факторлор көбүрөөк таасир берет.

Акыркы учурда Кыргызстандын тышкы саясатында кандайдыр бир өзгөрүүлөр байкалгансыйт. Бул табигий нерсе. Дүйнө, эл аралык мамилелердин нугу, өлкөлөр аралык байланыштардын мөөнөтү ушунчалык тез өзгөрүп жаткан учур. Буга Евробиримдиктеги, Жакынкы Чыгыштагы өлкөлөрдү жана Кытайды мисал келтирсек болот. Азыр мамлекеттердин баары бир-эки нуктуу тышкы саясаттан аргасыздан баш тартып, көп тараптуу байланыштарга өтүүдө. Ушунун баарын баамдап туруп, Кыргызстан сырткы байланыштарын кайра бир сыйра сыдырып карап жатканы түшүнүктүү. Бул туура жана керек. Мамлекет башындагылардын мындай кадамын колдоп кубаттоо зарыл. Азыркы дүйнөдө өзгөрбөгөн бир гана нерсе бар, ал өзгөрүү дегендей, дүйнө өзгөрүп жаткан учурда биз кызыкчылыктарыбызды эске албай бир жакка жабышып, өзгөрбөй туруубуз табиятыбызга терс келет.

### АКШдан 2 миллиарддан көп алууга даярбыз

Серепчилердин баамдоосуна жана чыккан кабарларга караганда ажобуз жакынкы арада тышкы иштер министри менен жолугуп, өлкөнүн багытын дагы бир сыйра карагандай болду. Бул жолугушуудан кийинки расмий маалыматтарга таянсак, Кыргызстандын кызыкчылыгына жараша тышкы саясаттагы кээ бир багыттарды өзгөртүү пландалууда. Ушундан көп өтпөй эле АКШнын Кыргызстандагы элчиси Шейла Гуолтни менен Жогорку Кеңештин спикери Асылбек Жээнбековдин маектешүүсү болду. Анда эки өлкөнүн алакасынын тарыхы, учурдагы мамилелери каралды. ЖМКларга чагылдырылгандай АКШнын ушул кезге чейин өлкөбүзгө берген 2 млрд. долларлык кайтарымсыз жардамы эскерилди. Америка тарап Кыргызстандын эркиндигине жана көз карандысыздыгына кызыкдар экенин жана аны колдоп келгенин билдирип, мындан ары да Кыргызстандын өнүгүп-өсүүсүнө, жаңылануусуна салым кошо алган жаңы кадрлар менен адистердин чыгуусуна жардамдашарын убада кылды. Ушундан улам кыргыз коому белгилүү бир өзгөрүүлөргө даярдалууда деген бүтүмгө келсек болот. Коомчулукка маалым болгондой, АКШ менен Кыргызстандын ортосунда түзүлгөн стратегиялык кызматташтык келишими 2015-жылы жайында бир тараптуу токтотулган. Эми ал келишимди кайра карап чыгуу жана жандандыруу аракеттери тууралуу кабарлар чыга баштады. А бул болсо Кыргызстан өз кызыкчылыгына карап кадам таштап жатканынын белгиси.



### Кыргызстан чакандыгы жана ыкчамдыгы менен утат

Албетте, белгилүү себептерден улам токтотулган алакалар дароо жанданып кетүүсү мүмкүн эмес. Бул жерде Өкмөткө, Тышкы иштер министрлигине жана парламентке бир топ иш түшөт. Бирок эң негизгиси, эки тараптын тең мындай кадамдарга кызыкдар экени жана алакаларды жаңы деңгээлге чыгаруу ниети бар экени билинди. Жакында Европа мамлекеттери да Кыргызстанга Жалпы Жеңилдиктер Системасынын (GSP+) алкагында 6000ден ашык товарды эч кандай төлөмсүз киргизүүгө жол ачты. Бул жаңылыктардын баары бир айга жетпеген мөөнөттө болуп кетти. Ошону менен биз өлкөбүздүн тышкы саясат концепциясында белгиленген көп векторлук философиясын жандандырып, иш жүзүндө өткөрүүгө бел байладык.

Эл аралык мамилелерге саресеп салган ойчулдар учурда бизнесте чоң эмес, чакан фирмалар тез алмашкан шарттарга ыкчам ылайыкташкандыктан чоң таасирге ээ болуп келишет деп баамдашкан. Анын сыңарындай, шамдагай, чечимдерди тез кабыл ала алган өлкөлөр да эл аралык мамилелерге таасир тийгизе алат. Ошондуктан көп тараптуулуктун жанында проактивдүүлүк да маанилүү дешет. Биз Кыргызстандын тышкы саясатында проактивдүүлүктү байкап келүүдөбүз. Мисалы Президентибиздин бир жылдын ичинде эле араб өлкөлөрүнө, коңшуларыбызга, мүчөлүккө кирген уюмдарга, Европага барuusу биздин тышкы өлкөлөргө карата активдүү, коңшу өлкөлөргө караганда проактивдүү экенибиздин көрсөткүчү. Ажо өлкөлөрдүн же жалпы багыттын эшигин гана ачат. Бул иштерди керектүү деңгээлге чыгаруу милдети тиешелүү бюрократтарга, өкүлдөргө жана элчиликтерибизге жүктөлөт. Алар натыйжага жетүүгө кызыктар экенин иш жүзүндө көргөзө алса, Кыргызстаныбыз азыркы кризистен ыкчам жана такшалып чыгуусуна чоң салым кошушмак. Себеби Кыргызстан биздин региондо проактивдүү, көп векторлуу саясат жүргүзүүгө мүмкүнчүлүгү бар бирден-бир мамлекет десек жаңылышпайбыз.

# Жакынкы Чыгыш казаны кайра кайноодо

Жакынкы Чыгыш казанында эч качан от өчкөн эмес. Азыр болсо ал боркулдап кайнап, ашып-ташып кетчүдөй түр көргөзүп жаткан маалы. Себеби ал шорподо бири-бири менен биригип кете албаган кошулмалар өтө арбын

### Араң турган ок эле, атылып кетти өзү эле

Учурда Жакынкы Чыгышта, анын ичинде Сирияда жергиликтүү, регионалдык жана дүйнөлүк даражадагы мамлекеттердин жана саясий-экономикалык топтордун кызыкчылыктары менен карама-каршылыктары чатышып, кээде тытылып, үзүлүп жатат. Түрк аскерлеринин сириялык күрддөр түзгөн Демократиялык биримдик партиясынын (ДБП) согушкерлерине каршы аракеттери кезектеги кайноонун негизги себеби болуп турат. ДБПны азыр түрк жетекчилигинен башка бардык тараптар Ирак жана Шам ислам мамлекети (ИШИМ) делген мыкаачы топко каршы иш жүзүндө күрөшө алган бирден-бир топ катары кароодо. ДБПны колдогондордун арасында түрктөр менен бирге НАТО аскердик блогуна кирген АКШ жана Евробиримдик бар. Алар Түркияга от менен ойнобо, маселе мындан да катуу ырбап кетүүсү мүмкүн деп эскертип келет. Себеби ал жерде түрдүү согушчан топтордон тазалоонун далалаты менен алсыраган Сирия бийлиги гана эмес Орусия менен Иран да бар. Түрк төбөлдөрү болсо ДБПны Түркияда террордук деп табылган Курдистан жумушчу партиясынын (КЖП) Сириядагы бөлүмү катары карайт. Бул жуманын башында ДБП колго алган аймактан Түркия тарапка ок атылды делип, түрк аскерлери ал аймактарды замбирек менен аткылап баштаган.



### Түрктөрдүн катасы жана тарткан кесепети

Түркиянын чыгышында чоң күчкө ээ болгон КЖП Сирия тараптан колдоого алынса, ансыз да канталап турган жара ого бетер ырбайт деген Түркиянын чочулоосу бар. Чынында, Сириядагы жарандык согуштан эң көп жабыркаган тарап бул Түркия. Түрк элинин 2,5 миллиондон ашуун сириялык качкынга кучак жайып, асырап жатканын эрдик катары кабыл алуу керек. Бирок абалдын түрктөр үчүн оорлошуп кетүүсүнө эң биринчи кезекте өздөрү күнөөлүү. Түрк бийлиги 2010-жылдан бери Жакынкы Чыгыш жана анын ичинде Сирияга багытталган саясатында эбегейсиз каталарды кетирип келет. Себеби түрктөр эң өнүккөн, экономикалык жана аскердик тараптан эң күчтүү мусулман өлкөлөрүнүн катарына кирсе да, дүйнөлүк держава эмес. Андан сырткары, регионалдык деңгээлдеги мамлекет катары да өз мүмкүнчүлүктөрүн барган сайын колунан алдырып баратат. Бирок акыркы 5 жылда айланасы араб, перс жана европа элдери менен курчалып турганына карабай, түрдүү саясий оюндарды жана коркутууларды колдонуп, эч кандай даярдыксыз, дүйнө жана регионалдык күчкө ээ болуу ниети бар экенин билгизген. Бул аракет азыр бардык тараптарды чочутуп, сириялык күрддөргө тиешелүү маселеде да Сириядагы оюнчуларды Түркияга каршы орун алууга түрттү. Мындай мүмкүнчүлүктү колдон чыгаргысы келбеген Москва алардын сириялык күрддөргө каршы аракетин 16-февралда Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешине алып чыкты. Уурусу күчтүү болсо, ээсин доого жыгат деген ушу бейм, чиркин!

Бетти даярдаган
ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Упай – унутта калган улуттук оюн

«Упай» оюну унутулуп бара жаткан элдик оюндарыбыздын бири болуп саналат. Узун түндө ойнолуучу бул оюн байыркы көчмөн, жоокер кыргыз эли ойноп келген акыл оюндарына кирип, эрежелери өтө татаал жана кызыктуу. Ал оюнчулардан тактыкты жана токтоолукту талап кылат



Упай оюну караңгыда жол тапкан, капилетте сөз тапкан даанышмандыкты, түмөн аскерлерди түрүлтө жетектеген кол башчылыкты үйрөткөн оюн. Мында кыйчалыш учурларда алдастап, шашкалактап калбай, акыл калчап туура чечим кабыл алууга, токтоолукка үйрөтүр тарбиялай турган касиеттер бар.

## Упай оюнун ойноо үчүн эмнелер керек?

Упай оюну чүкө менен ойнолуучу оюн. Чүкөлөр бир кылка келип, (чыймыттар, чириген чүкөлөр ж.б. кем-кетиктер жарабайт) таза тазаланган жана тунук болуш керек.Текенин сакасы, же чоңураак чүкө өзгөчө боёкко боёлуп «хан» деп аталат. Калган бир кылка чүкөлөр үч-үчтөн бөлүнүп, ар бир бөлүк бир басым делип эсептелинет. Мисалы, 30 чүкө 10 басым болсо, 150 чүкө 50 басым болот. Оюн ойноло турган жер эч кандай одур-бодуру жок тегиз болгону жакшы. Айрыкча, кийиз, ала кийиздин үстү өтө ыңгайлуу.

## Оюндун эрежеси

Эки же андан ашык адам өзөзүнчө, же топ-топко бөлүнүп ойносо да болот. Ортого коюлган байгелерге, оюнчулардын чыгаандыгына жараша басымдын көбөйтө берсе болот. Мисалы, жаңы ойногондор 10 басымга чейин (30 чүкө) чүкө колдонсо, дасыккандар 50 басымга чейин ойной алышат.

Оюн эрежеси түшүнүктүү болуш үчүн, ойной турган 2 жаатты шарттуу түрдө Жандостун жана Айдостун тобу деп атап коёлу.

Калыстардын чечими менен ортого 50 басым чүкө салынат (жогоруда айтылгандай басымдын саны канча болушун оюнчулар өздөрү билет. Болгону экиге так бөлүнгөндөй жуп санда болгону ылайыктуу) жана 2 тараптын топ башчылары бирден чүкө тандап калыска беришет. Муну «ат калчоо» деп коёт. Кимисинин чүкөсү биринчи консо, ошол топ оюнду биринчи баштайт.

Жүз элүү чүкөнү ала кийиздин чет жагына үйүп (эгер чүкө аз болсо кочушка салып чачса жакшы жайылат. Бирок, 50 басымды кочушка салуу мүмкүн эмес), «хан» аталган чүкөнү эң үстүнө коюп, мүмкүн болушунча жайылта чачат.

Себеби чүкөлөрдү чачыратканда «хан» башка бир чүкөгө минип калса, же башка чүкө «ханды» минип калса, оюн жыдыды болуп эсептелинип, берки тарапка өтөт. Андан сырткары, чокмороктошкон чүкөлөр дагы оюнга жолтоо болуп, көпчүлүк учурда жыдыууга алып келет.

Чүкө чачылгандан кийин кийиз үстүнө койдой жайылган чүкөлөрдү жакшылап карап алып, эң биринчи кезекте ханды атып алыш керек.

Ханды атууда «хан» кандай абалда жатса, ошондой абалдагы чүкө менен (мисалы таа жатса таа менен, айкүр жатса айкүр менен) атуу керек.

Чүкөлөрдү атканда сөөмөйдүн учу менен, сөөмөйдү ийбей туруп атыш керек. Аткандан кийин ханды оң колдун бармак жана сөөмөйү менен илип алып, сол колго салат.

Бир басым чүкөнү оң колго алгандан кийин, сол колдогу ханды кийиз четине коюп туруп, андан кийин гана оң колдогу 3 чүкөнү сол колго алат.

Ушинтип 3 чүкөдөн бир басым деп отуруп, 50 басымдын жартысы 25 басымды бир эле отурушта атып кетсе оюн ажырады (бир отурушта 25 эмес андан көптү деле атып кетишет. Негизги эреже боюнча ортодогу басымдын жартысын эч жыдыбай туруп атып алыш керек) деп коёт.

Мисалы, Айдос (же анын оюнчусу) бир отурганда эле эч жыдыбай туруп 25 басым чүкөнү ажыратып, 26-басымга келгенде жыдып калса, хан ажырады деп эсептелинет да, ажыраган 25 басым чүкө жана хан менен кошо Айдостун казынасына түшөт. (Эгерде 25 басым чүкөгө бир чүкө калганда жыдып калса, анда бардык чүкө кайра ортого салынып, оюнду 2-тарап улантат).

Ошентип Айдос тарап 25 басым менен ханды ажыратып, 26-басымдан күйдү да кезекти Жандос тарапка берди дейли. Жандостун оюнчусу ортодо калган 25 басымды жанагыдай эле калчап ата баштайт. Бирок, бул жолу ортодо хан жок болгондуктан (ханды Айдос тарап ажыратып алды) Жандос тарап каалаган чүкөдөн оюнду баштайт жана жогорудагыдай эле эреже менен жыдыганга чейин ойнойт. Мисалы, алар бул жолу 10 басым ажыратып туруп жыдып калса, ошол 10 басым алардын казынасында калат.

Эми оюн кезеги кайрадан Айдос тарапка келип, алардын оюнчусу 9 басым алып туруп жыдыды дейли. Демек мурдагы 25 басымга азыркы 9 басым кошулуп, Айдостордун казынасында 34 басым чүкө бар. Ортодо калган 6 басым чүкө ушундай эле 2 жакка (же бирөөсү толук атып алышы мүмкүн) бөлүнүп кетиши мүмкүн. Мисалы, Айдостор дагы 2 басымды алып, калган 4 басым Жандосторго тийди десек, анда жалпысынан Айдостун тобунда 36 басым, ал эми Жандостордо болсо 14 басым чүкө чогулган болот. Ушуну менен биринчи айлампа бүттү деп саналып, кайрадан 2-айлампа башталат.

Экинчи айлампага аз басымга ээ болгон тарап бардык чүкөсүн чыгарат да, берки тарап ошого тең чүкө чыгарат. Бул жолу оюнду «хан» ким тарапта болсо ошолор баштайт. Мисалы, Жандостун тобу казынасындагы 14 басымды ортого салышкандыктан, Айдостун тобу да 14 басымды жана ханды ортого коюп, калган 22 басымды казынасында калтырат. Хан Айдос тараптан чыккандыктан оюнду баштоого мүмкүнчүлүк алат.

Мына ушинтип улам-улам өз казынасына чогултуп отуруп, акыры бир тарабы толук чүкөсүн алдырган учурда, бардык чүкөгө ээ болгон тарап жеңишке жетет. Кээде утулуп жаткан тарап (оюн эрежеси боюнча каршылаш тарапта бир басым чүкө болсо да оюн улантыла берет) улам күчөп отуруп берки атаандаш тарапты утуп алышы да мүмкүн.

## Оюндагы жол берилбес эрежелер

Оюн эрежеси таза жана так сакталышы керек. Чүкө атылып жатканда оюнчунун буту, колу, же кийиминин учу ортодогу чүкөлөргө тийип кетсе оюн жыдыйт.

Ойноп жатканда оюнчунун чүкөсү, бет аарчысы түшүп, же тери тамып кетсе оюн жыдыйт. Оюнчу атып жатканда жолдошторунун бири чүкөнү басып алса, же колунан бир нерсени түшүрүп алса да оюн жыдыды деп эсептелет.

Ханды атканда өтө так болуш керек. Жогоруда айтып кеткендей хан кандай турса (чик, бөк, таа, айкүр), ошондой абалдагы чүкө менен гана атылат. Аткан чүкө хандын үстүнө минип калса, же аны алам деп чүкөнү кыймылдатып алсаң, же ханды колуңдан түшүрүп алсаң, оюн жыдыйт.

Ханды аткан чүкөң менен бир басым алмайынча, кайра башка чүкөнү атууга болбойт. Ошондой эле башка чүкө менен хан аткан чүкөнү атса да жыдыйт. Айкүр менен тааны, чик менен бөктү, же жаткан чүкө менен турганын атып алсаң жыдыйсың.

Ханды аткандан кийин аны сол кол менен алса жыдыйт. Ханды оң колуң менен алып туруп, сол колуңа өткөрө электе башка чүкөлөр менен аралаштырып алсаң оюн жыдыйт.

Буларды туура сактап келип, сол колуңдагы ханды жерге өзүнчө коё электе, оң колуңдагы чүкөлөрдү сол колуңа салып алсаң да жыдыйсың.

Ханды ордуна коюунун эрежелерин толук сактап, бирок, чүкө атам деп жатып берки жакта турган ханга бут, этек, кол тийип кетсе оюн жыдыйт.

Адашып кетип 3 чүкөнүн ордуна төрттү, же тескерисинче 2 чүкөнү алсаң анда да оюн жыдыйт. Аткан чүкөң менен атылган чүкө бири-бирине минишип калса, оюн жыдыды деп эсептелет.

Оюн учурунда чыр чыгып кете турган абалга жеткизген учурлар көп болот. Көбүнчө чүкөнү атканда чүкөлөрдүн жанаша жатып калган абалы калыстардын кийлигишүүсүн талап кылат. Кээ учурларда чүкөлөрдүн тийишип калганын, же тийишпей турганын аныкташ үчүн калыстар бычак мизин, же кыл өткөзүп текшерген учурлар болот.

Калыстардын чечимине макул болбой кайша айтуу, сөгүнүү ж.б. жол берилбейт. Мындай учурда оюн токтотулуп, күнөөлүү тарап айып тартышат.

## Оюнду канткенде эл арасына терең тамыр жайылта алабыз?

Бул оюнду эл арасына кеңири жайылтуу үчүн оюн эрежесин тактап, программага салуу зарыл маселе.


Улуттук оюндар катары компьютерлик ойнолуучу оюндарга киргизсек акыл өстүрүүдө чоң пайдасын тийгизет.

Дагы бир эң негизги нерсе, улуттук оюндарыбызды башкаларга тарттырып жибербөө аракеттерин жасашыбыз кечиктирилгис зарыл иштерден.


Совет бийлигинин тушунда улуттук оюндарыбыз эскинин саркындысы катары каралып, айрымдарына уруксат берилбей келген болсо, бул көрүнүш эгемендүүлүк мезгилинде деле жыргап кеткен жок.

Улуттук оюндарыбызды жоготуп алуу коркунучу жыл санап улам тереңдеп бара жатканда, Кыргыз Республикасынын алдындагы Мамлекеттик дене тарбия агенттигинин республикалык улуттук оюндарды өнүктүрүү борборунун ар тарапту иш алып барып жатышы, улуттук оюндарыбыздын келечеги кеңдигине үмүт арттырат.


Улутубуздун улуу кенчине айланган улуттук оюндарыбыздын бири «упай» оюнун жандандыруу жана аны урпактарга мураска калтыруу ар бирибиздин ыйык парзыбыз жана бул үчүн баарыбыз биргелешип аракет кылышыбыз керек.




Бөк



Чик



Таа



Айкүр

РАХАТ АКМАТОВА

# "Бир аз романтик болсоң..."



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды **SMS** же **Whatsapp** аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер! ***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**1) Депрессия жана баш ооруларды Исламдын медицинасы менен кантип айыктырса болот?**

**Жооп:** Депрессия деп адамдын ындыны өчкөн, басынган, чүнчүгөн абалы айтылат. Депрессиядан Куран окуу, анын маанилерине маани берүү, кулак салуу жана Куран менен жашаганда толук кутулат. Куран менен жашоо дегенибиз дин менен толук жашоо, диний дүйнө таанымды – акыйданы кармануу, Ислам шариаты менен жашоо менен түшүндүрүлөт.

**2) Менин чоң көйгөйлөрүм бар. Алардын чечилүүсү үчүн ата-энеме, бир туугандарыма, жакындарыма, мага дуба кылып коюңузду көптөн көп суранабыз.**

**Жооп:** Сен суранбасаң да биз дайыма намаздарыбызда, сабактарыбызда кимдин кандай тилек-максаттары болсо, Кудай Таалам жеткире көр деп дуба кылабыз. Кудайым жапырт тилектериңди кабыл кылсын, омийин.

**3) Мончо салып иштегенге кандай карайсыз, устаз?**

**Жооп:** Мончо салып иштеген адал жумуш. Үй, дааратканa же башка курулуш иштерин кургандай эле кеп. Бирок, ошол салып жаткан мончону сойкулар келип ишмердүүлүгүн жүргүзө турган ниетте салса, ошол ниети үчүн күнөөкөр болору ыктымал.

**4) Жолдошу аялына бензин чачып өлтүрдү. Аялынын 95%ы күйдү, өзүнүн 30%ы күйдү. Экөө тең намаз окуучу. Акырети эмне болот? Эркектер ушинтип жатса, кантип турмушка чыгабыз, устаз? Досторумдун алдында намысыма тийдиң деп аялын сабаса болобу?**

**Жооп:** Алардын акыретин Кудай Таалама тапшырабыз. Намаз окуган эркек намаз окуган аялына эмне себептен ушундай кылганына менин да акылым жетпей турат. Балким аялы өзүнө-өзү чачып, калганын күйөөсүнө чачып күйгүзгөндүр. Анда "аялдар ушинтип жатса, кантип үйлөнөбүз" деп сурагандарга кантип жооп беришим керек?

Досторунун алдында намысыма тийдиң деп аялын сабаган жакшы эмес, акмактык. Ошол эле учурда, күйөөсүнүн жолдошторунун алдында өзүн кыйын көрсөтүп тейтелендеген, күйөөсүн тоготпой, андан өзүн жогору сезип кыйынсынган кээ бир акмак аялдар болот. Мындай шалп этектин кылганы да жакшы эмес.

Башка бирөөнүн кылганынын туура-тууpa эместигин териштирүүдөн сырткары, ар ким өзүнүн кылган-эткенин териштирүүсү абзел. Ар ким өзүндөгү айыпты издөө менен алектенсе, башкалардын айыбын көрүүгө убактысы да, жөндөмү да калбайт.

**5) Шариятта кээ бир Аллага жакын адамдардын денеси чирибейт деген сөздүн канчалык чындыгы бар?**

*Сүйөрбек.*

**Жооп:** Фыкых китептеринде пайгамбарлардын, олуялардын, аалымдардын, шейиттердин, каарылардын, соопчулук максатында чын ыкластан (бекер) азан айткандардын денеси чирибейт. Жер алардын сөөктөрүн жебейт деп айтылат.

**6) Бир бала Өзбекстандын чегарасын бузуп өтүп камалып калды. Бул камалышы тагдырбы? Эгер тагдыр болсо, ал өз ыктыяры менен өтпөдүбү?**

**Жооп:** Кудай Таалам адамга тандоо-ыктыяр берет. Берилген ыктыярды пенде пайдаланат. Пендеси кандай пайдаланып кандай жыйынтыкка дуушар болорлугун Кудай Таалам алдын-ала билип, тагдырына жазып койгон. Ошол Өзбекстандын чегарасын мыйзамсыз бузуп өткөн бала тандоосу себебинен туура эмес ишти кылып камалды. Камалууну өзү тандап алды. Бул иштин баары анын тагдырына жазылган.

**7) Кызымдын мазар чачы бар экен деп айтышкандыктан, чачын албай жүрөбүз. Мечитке барып кырктырып койсок болобу? Ушул туурабы?**

**Жооп:** Мазар чач деп чачты алдырбай коюп, аны атайын мазарга алып барып кырктыруу туура эмес. Жөн эле кырктырып койгула. Же, кыз кишинин чачы узун болсун десеңер, анда өстүрүп койгула. Бирок, ошол чачка маани берүүнүн эч кереги жок.

**8) Жубайым экөөбүз эки башка жашайбыз. Ортодо эки кызыбыз бар. Менин ажырашкым келбейт. Аялым ажырашам дейт. Эмне кылам, устаз?**

**Жооп:** Башка жашасаң, аны тоготпогондой кылсаң, ал ажырашам дебегенде ажырашам демек беле? Чогуу жашаганда махабат пайда болот. Аракет кыл, анын көңүл жибин табуунун аракетинде бол. Мындай учурларда бир аз романтик болсоң жакшы болот.

**9) "Мекенди сүйүү - ыймандан" деген хадис экени туурабы?**

*Ош, Абдуллах.*

**Жооп:** Имам Сахаавий: "Мекенди сүйүү ыймандан деген хадисти билбейм. Анын кайсы булактан экенин да билбеймин. Бирок айтылган маани эң туура" деп айткан. Имам Сагааний бул хадисти эч кандай хадис эмес, "маудуу", жасалма хадис деп баа берген.

Демек, бул сөз хадис эмес, жөн гана адамдардын сөзү. Мааниси туура. Бул сөздүн мааниси төмөнкүдөй:

Мекенди сүйүү дегенде, жөн эле мекенине жан тартып, адилетсиздик менен колдой берсе, туура эмес деп бааланат.

Мекенди сүйүү дегенде мекенди жакшы көрүү, ага болгон сагыныч, урмат-сый, кызматы болсо, акылга эч каршы келбеген, мактоого татыктуу жумуш.

Мекенди сүйүү дегенде жалпы мусулман журттарын, анын ичинде өзүнүн кичи мекенин душмандардан коргоп калуу, анын чек-арасында туруу болсо, анда бул ыймандын талабынын дал өзү.

**10) Намазда "Фатиха" сүрөсүнөн кийин, "бисмилляхти" айтуу керекпи? Ар бир рекетте "бисмилляхти" айтуу туурабы?**

**Жооп:** Фатиха сүрөөсүнөн кийин басмаланы айтуу жөнүндө уламаларда эки түрдүү пикир бар. Мен дайыма айтып эле намаз окуймун.

**11) Айкел жасап иштегенге болобу, устаз?**

*Нурмат.*

**Жооп:** Арам.

**12) Нурали деген ысымды Нураалы деп өзгөртүп койсок болобу?**

**Жооп:** Жөн эле Алий деп койгонуңар жакшы болот. Нурали менен Нураалынын айырмасы деле жок болуп жатпайбы?

**13) Сизге түш жөнүндө көп суроо келип түшсө керек. Мен көп жылдардан бери түштүн себептерин изилдедим. Изилдөөлөрүмдү элибизге түшүндүрүп берүүдө мага жардам бере аласызбы? Өтүнөм, бул өтө маанилүү!**

**Жооп:** Эгерде илимий таризде иш болсо, колумдан келген жардамымды берейин. Редакцияга байланышыңыз. А эгер башка максатта изилдөө болсо, жардам бере албайм.

**14) Аялдын чачынын узундугу мынча болуш керек деген шариятта өкүм барбы?**

**Жооп:** Жок. Бирок эркектерге окшошпош керек деген жери бар. Ошого караганда аялдар чачын мүрүсүнөн кыска кылып жүрүүсү жактырылбайт. Канчалык узун болсо, ошончолук мактоого татырлык.

**15) Японияда жасалма куурчактар жыныстык катнаш үчүн пайдаланылып жатат. Ушул туурабы?**

**Жооп:** Туура эмес.

**16) Атама болушуп агам менен каттaшпай калгам. Бул кылганым туурабы?**

**Жооп:** Туура эмес. Сен катташа бер. Ал жаман адам болсо сен дагы жаман болушуң шартпы?

**17) Эгер жолдошу уруксат берсе, же боюңдан алдыр десе, анда алдырса күнөө болбойбу?**

**Жооп:** Жолдошу Кудай эмес ко! Алдыруу же алдырбоо адамдын каалоосуна каралбайт. Кудайдын шариятынын негизинде гана болот.

**18) Эгер эркек эки аял алса, бейиште кимиси менен бирге болот?**

**Жооп:** Бейишке кимиси барса ошонусу менен болот. Деги ошол эркек өзү бейишке барары кандай болор экен?

**19) Аялы менен ажырашканына 4 ай болду. Кийинки кызга жашыруун үйлөнүп, жашыруун нике кыйдырып жашап жатканына 2 ай болду.Үйлөнгүчө ушинтип жашап турса болобу?**

*Ош, Айсулуу.*

**Жооп:** Жакшы эмес. Мынчалык абийирсиздикке жол бербөө керек. Кээ бирлер жашыруун никеге тургандлы банан жегендей эле жеңил көрүп алыптыр. Бул туура эмес.

**20) 4 айлык баласы бар, дагы боюнда болуп калса эмне кылуу керек? Алдырса күнөө эмеспи?**

**Жооп:** Төрөсүн!

**21) Шариат менен жашаган Иран мамлекетинде "Нооруз" чоң майрам болуп саналат. Бизге эмнеге тыюу салынат?**

**Жооп:** Ким айтты сизге алардын шариат менен жашап жаткандыгын? Экинчиден, маселени караганда адамдарга карап эмес, Аллага карап чечебиз. Нооруз мусулмандардын майрамы эмес. Нооруз жөнүндөгү менин макаламды окусаңыз, түшүнүп каласыз.

**22)Убагында өзүнүн жакшы адам экени менен айырмаланып, бирок тез эле дүйнөдөн өтүп кеткен мусулман бир туугандарыбыз болуп жатат. Аларга биз бул дүйнөдө кандай жардам кыла алабыз?**

*Талас.*

**Жооп:** Жакшылык сооп иштерди аткарып, маркумга соопторду багыштап турсак болот.

**23) Дамылла бильярдка кандай карайсыз, ойносо болобу?**

**Жооп:** Негизи бул оюнга тыюу салуунун кереги жок. Намаз окуганда, үй-бүлөнү багуудан тоссо, кумар ойноого алып келсе, анда бул оюнду ойногон арам болот. Кээ бирөөлөр кечинде үйүнө барбай, достору менен ойноп жүрө берет. Булардыкы макрух. Жакшы эмес, жакшылыка алып барбайт. "Окуң намаз куптан, куптандан кийин зарыл ишиңиз болбосо, жатып алып уктаң!"

**24) Менин үйлөнгөнүмө 1 жыл болду. Уулум бар. Бирок никебиз кыйылган эмес. Эми эмне болот?**

**Жооп:** Эч болбосо, кеч болсун! Кыйдыргыла! Өткөн ишке салават. Тооба кылгыла! Кудай Таалам кечиримдүү, кечирет. Кечиктирбегиле!

**25) Зулум деген эмне? Анын канчалык зыяны бар?**

**Жооп:** Зулум – башка бир адамдын укугун тебелеп, аны кемсинтүү, кордоо дегендик. Шариатта зулумдук арам. Зулумдук көргөн адамдын дубасы кабыл болот. Каргаса, каргышы мустажаб. Анын дубасынан сактануу керек.

**26) Тер кийим менен намаз окууга болобу?**

**Жооп:** Арак сыяктуу жаман ичимдиктин жыты келип турган тер болсо, аны жууп салуу керек. Кадимки тердин зыяны тийбейт.

**27) Тааныш эжемдин үйүндө жүргөнүмдө кызынын телефону жоголот. Ошол телефонду менден көрүп жатышат. Эгер албасаң Куранды кармап айт деп жатат, эмне кылам? Каргап-шилеп жатыптыр мени. Каргышы өтөбү?**

**Жооп:** Күнөөкөр болбосоңуз өтпөйт. Маани бербеңиз.

**28) Балам төрөлгөндө азан айтпай эле ат коюп койгонбуз. Эч нерсе болбойбу? Балам төрөлгөндө жентек бералбадым, кийин берип койсом болобу?**

*Москва.*

**Жооп:** Азанды эми деле уктургула. Мечитте күн сайын беш маал кыйкырат. Ошону укса жетиштүү. Жентек, же акыйка тоюн качан берсеңиз да жарай берет. Ийгиликтин эрте-кечи жок.

Даярдаган ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ


# Бүтжет жетер бекен, бүтжет...

Кумурзстандык окумуштуу кумурскалар изилдеп отуруп, изилдеп отуруп акыры «изилдеш керек» деген жыйынтыкка келишти. Бирок, мындай улуу ачылышка жетишкени менен изилдөөнү эмнеден баштаарын билбей далайга убара болушту. Акыры алар изилдөө ишин катардагы эле тинттен баштамай болду. Баса, тинтти изилдөө жөндөн-жөн эле ойго келе калган жок. Алар иштеген чаңбалаторияның оозунда отурган тинттин башкалардан ашкере күчтүүлүгүн булар илгери эле байкап жүрүшкөн. Ошондуктан «бул күч буга кайдан келди» деген суроо эң биринчи изилдөөнү баштоого мажбур кылды.

Алгач алар тинтке бир капуста берип көрүштү. Тинт аны алды да, капуста берген окумуштууну бир тепти. Андан кийин баягы окумуштуу барып эки капуста берди. Тинт капустаны алды да, курсакка эки тепти. Үчүнчү күнү окумуштуу бир капуста алып барып эңкейип жүгүнгөнчө жерге койду. Тинт эңкейип капустаны ала коём дегенде анын башындагы тегерек жалбырагы түшүп калды. Бир саамга жалбырагы жок калган тинт бул жолу капустаны алып, окумуштууга рахмат айтып жиберди. «Билгем ушуну» деп ичинен кудуңдады окумуштуу. Эртеси күнү окумуштуу аңдып жүрүп тинт уктап кеткенде тегерек жалбырагын уурдап алып, катып салды да бир далай убакыттан кийин тинттин алдына келип бир капуста сунду. Ансыз да башындагы жалбырагы жок, бүжүрөп турган тинт окумуштууну бир карап, артын бир карап калчылдап атып капустаны алып үч жолу жүгүнүп рахмат айтты. Окумуштуу жымыңдаган бойдон үйүнө кетти. Эртеси күнү ал баягы тинтке кайра келди. Бирок бул жолу капуста берген жок. Тескерисинче, «менин капусталарымды бер» деп талап кылды. Тегерек жалбырагы жок тинт капустасы жок экенин айтып, бышактап ыйлап кечирим сурады. Ошондо боору ооруп кеткен окумуштуу ага баягы жалбырагын алып келип берди. Жанатан жалдырап турган неме жалбиракты башына кийди да, көзүнүн жашын аарчып туруп окумуштууну өлө тепкилеп, болгон капустасын тартып алды. Бечара окумуштуу кумурска тинттен токмок жеп, болгон капустасын алдырганы менен биринчи изилдөөсү натыйжалуу чыкканына сүйүндү. Ал ошол күнү чаар китебине «Жалбырагы жок тинт тинт эмес» деп жазды.

Ошону менен ал кийинки изилдөөгө өтмөй болду. Бирок кимди изилдээрин билбей башы катты. Акыры анын көзү чаңбалаторияның алдынан өтүп бараткан саксагайга илинди. «Таптым» деп кубанып кетти окумуштуу. Ошону менен изилдөө кайра башталды. Окумуштуу адатынча саксагайга барып капуста сунуп көрдү. Бирок тиги алган жок. Сербегейин сылап гана отура берди. Эртеси күнү дагы көбүрөөк капуста берди. Саксагай аны да алган жок. Окумуштуунун чындап башы ката баштады. Үчүнчү күнү анын көзү саксагайдын сербегейине илинди. Ошондо ал «сербегейиңди сатчы» деп суранды. Саксагай сатмак тургай аркага бир тепти. Эртеси окумуштуу 2 капуста көтөрүп барып «сербегейиңди сат» деди эле саксагай аны өпкөгө эки тээп кубалап ийди. Үчүнчү күнү тинттерди ээрчитип барып, саксагайдын сербегейин күчкө салып кырып салды. Мына ошондон баштап күтпөгөн нерселер башталды. Чү дегенде эле саксагайдын жардамчы буту иштебей калды. Натыйжада, анын ургаачылары катары менен кетип калды. Бечара саксагай кумурска болсо колунан эч нерсе келбеген чимелге айланды да калды. Окумуштуу ошондо чаар китебине «Сербегейи жок саксагай жалбырагы жок тинттей» деп жазды.

Бирок, бул жыйынтык тинттерге жага бербей калды. Ансыз да зындандагы саксагайларга алы жетпей жаткан немелер эми бардык саксагайдын сербегейин кырып салмай болушту. Анткени менен сербегей баштагы жалбырак эмес да. Жалбиракты алып салсаң жоголот, а сербегей кайра кырсаң кайра чыгат, кайра кырсаң кайра чыгат... Бүтжет жетээр бекен кыл-алгыга, бүтжет?!



НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Мастандын энесин издегени

*(Уландысы)*

Ооба, мастан кемпир ошентип бир канча күн үйүндө отурду. Балким, жети баштуу желмогуз энесинин сүрөтү болбогондо ал бул китепти эчак өрттөп жоготмок. Бирок, тээ бала кезинде жетим калган күндөн бери унута албай жүргөн энесинин сүрөтүн көргөндө кадимкидей китепке арбалып калды. «Эмне деп жазылды экен? Энем тууралуу тагыраак маалыматтар бар болду бекен?» деп ойлонуп жатты ал. «Балким ал дагы эле тирүүдүр. Балким, ал дагы мени издеп жүргөндүр...» Ошентип ары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп, акыры китепти бирөөгө окутмай болду. Бирок, кимге, качан окутушту билбей эси ооду. Натыйжада, дагы бир канча күн санаага батты. «Ким окуп берет мага? Кайсы шайтанга барам?»

Аны ойлоду, муну ойлоду. Көпкө башы катты. Бир күнү ал капыстан китепти карап отуруп баягы шыпыргы минген кемпирдин сүрөтүнө көзү илинди. Дароо жини келип, ызалана түштү. «Ушуну мага окшоштурушат тура. Мен ушундаймынбы?» деп жинденди алгач. «Жанагы баланын да «мына мастан ушул» деп айтып турганын карабайсыңбы. Деги ага эмнени көргөзсө ишене берет окшойт». Ошентип кыжынып отурганда көз алдына ишенчээк баланын элеси тартылды. Ошондогу анын өзүн аяп чуркап келгени, алдына талпак салып берем деп үйүнө кирип кеткени элестеди. «Ой!» деп сүйүнүп кетти бир маалда кемпир. «А эмнеге так ошол баланын өзүнө окутпайм? Аны эптеп уурдап келсем мага баарын окуп бербейт бекен тим эле». Ушуну ойлогондон кийин ал кубанганынан тим эле так секире бийлеп жиберди. Ой-бай оооой. Биз аны жөн эле карыган кемпир деп атыптырбыз. Бийлегенин көрсөңөр эми бир укмуш. Өзү айткандай тооктукундай буту жок, бирок канаты бар үйү өзү менен кошо ордунан бир карыштай көтөрүлүп кайра түшүп жатты. Ал эми баягы "үйдү басып алыптыр" деген жөргөмүштөр кемпирдин жин тийген немедей так секире баштаганын көргөндө, корккондорунан тарбаландап желелерин жыйнап, ийрендеген буттарына ороп-ороп, түйүп алып качып жөнөштү. Кудум эле кинолордогу кеменин жиптерин орогон суучулдардай ары-бери тызылдап чуркап жүрүп бүтүндөй желесин жыйнап кетишти. Мына, эми желеден арылганда гана үйдүн ичи бир аз тазаргансып, кайсы жерде эмне турганы көрүнө баштады. Ушундан пайдаланды бы, же жөн эле кубанычынан болдубу, айтор мастан кемпир бир маалда жанагы көрөн-шөрөн турат деген жерге барды да, кандайдыр бир чоң балыктын бүтүндөй сөөгүн сууруп чыкты. Шумдугуң куркур, бул чоңдугу бир кулач келген балыктын сөөгүн эмнеге катып жүргөн десе, өнөрдүн баары ушунда жаткан тура. Кайран кемпир, балыктын сөөгүн башынан кармай калып куйругун жерге такай койду да, кылкандарын каңгырата чертип күү чыгара баштады. Анан өзү кошо созолоно ырдап, улам-улам добулбас кагып аткансып үйдүн таманын дүп-дүп эткизе тепкилеп кирди. Кокус ошол маалда силер да болгонуңарда мастандын кепеси кадимки эле диско-клубка айланып кеткенин көрөт элеңер. Ал тургай аны сыртынан көрсөңөр деле так ошондой сезимге кабылмаксыңар. Элестетсеңер, эки капталында эки канаты бар үй кулап кетчүдөй улам бир капталына ооп барып түзөлүп, улам-улам бир кулачтай көккө көтөрүлүп барып кайра түшүп турганын. А ичинде болсо кудум миндеген кишилер жер тепкилеп бийлеп аткансып "дүп-дүп" деген үн тынбай дүбүрөп турат. Комуз десең комуз эмес, гитара десең гитара эмес бир укмуштай үн каңгырап угулуп, казан-аяк калдырап, ар кай жерде илинген сөөк-саактар шалдырап, эски тактайлар чыйк-чыйк этип чыйкылдап кошолонду да калды.

Ошентип кечке жуук башталган шаан-шөкөт асмандагы ай мастандын үйүнүн төбөсүнө келгенге чейин уланды. Баса, ал эмнеге келди дейсиңер ал жерге? Өзүңөр билгендей айдын бетинде эки чака сууну баканга илип көтөргөн айдай сулуу кыз бар эмеспи. Так ошол кыз кемпирдин даңка-дүңкүн угуп кызыгып, караганы келген тура. Бир топко карап отурду ал. Түнкүсүн силер парданы тартпай уктап калганыңарда терезеңерден суктана карагандай көпкө карады. Айтмакчы, балдар, терезеңерди жаап уктагыла. Болбосо, айдагы кыз силердин төшөгүңөрдү тээп салып, тартайып жатканыңарды көрсө шылдыңдайт. Уят эмеспи, туурабы...



***(Уландысы бар)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

**Тарифы на размещение рекламно-информационных материалов политического и агитационного характера. Условия размещения на радиостанции "Марал"**

| Программа | Кол-во выходов в день | Стоимость за 1 выход/сом | Общее количество выхода в эфир в неделю | |
|---|---|---|---|---|
| Участие в программе "Кабар даамында" | 1+репортаж | 10000 сом | 5 | |
| Участие в программе "Күн чекит" | 10 мин+репортаж | 10000 сом | 5 | |
| Участие в программе "Саясаттан сырткары" | 1 | 10000 сом | 1 | |
| Отбивка часа | 10 | 100 сом | 70 | |
| Последнее сообщение в новостном блоке | Понедельник -воскресенье (1 выход в день, более 4-х раз С 8.00-20.00 | 1000 сом<br>600 сом | | |
| **Наименование услуги** | | **Хронометраж (в мин)** | **Стоимость За 1 мин** | |
| Мини программы | | 10-20 мин (9.00-10.00,16.00-17.00) | 500 сом | |
| Готовые программы | | 5-60 | 300 сом | |
| Репортаж событий | | 1-3 мин | 500 сом | |
| Спонсорство программы | | Озвучивание спонсора 3 раза в одной программе | 1500 сом+ подарок от спонсора | |

**Прайс-лист рекламной услуги Радио МАРАЛ**

**1. Подготовка рекламного аудио-ролика**

Тарифы на изготовление рекламно-информационных материалов на радиостанции Марал

| № | Тип Ролика | Краткая содержание | Цена (сом) |
|---|---|---|---|
| 1 | Информационно-музыкальный или игровой | С участием 1-2 голосового эффекта | 2500 |
| 2. | В виде стихотворения (4 строчки) | С участием многоголосового эффекта с сопровождением текста | 6000 |

# МАРАЛ радиосу

**ТАРИФЫ НА РАЗМЕЩЕНИЕ РЕКЛАМЫ**

**Прайс-лист рекламных материалов на радио "Марал"** Стоимость 1-й секунды:

**2. Стоимость эфирной времени (1 секунда) ( время выхода рекламного ролика в каждой 20 и 40 минуте каждого часа):**

| Время | Будние дни | Время | Выходные дни |
|---|---|---|---|
| 07:20 | 20 сом | 07:20 | 15 сом |
| 07:40 | 20 сом | 07:40 | 15 сом |
| 08:20 | 20 сом | 08:20 | 15 сом |
| 08:40 | 20 сом | 08:40 | 15 сом |
| 09:20 | 15 сом | 09:20 | 15 сом |
| 09:40 | 15 сом | 09:40 | 15 сом |
| 10:20 | 15 сом | 10:20 | 20 сом |
| 10:40 | 15 сом | 10:40 | 20 сом |
| 11:20 | 15 сом | 11:20 | 20 сом |
| 11:40 | 15 сом | 11:40 | 20 сом |
| 12:20 | 20 сом | 12:20 | 20 сом |
| 12:40 | 20 сом | 12:40 | 20 сом |
| 13:20 | 20 сом | 13:20 | 20 сом |
| 13:40 | 20 сом | 13:40 | 20 сом |
| 14:20 | 20 сом | 14:20 | 20 сом |
| 14:40 | 20 сом | 14:40 | 20 сом |
| 15:20 | 15 сом | 15:20 | 20 сом |
| 15:40 | 15 сом | 15:40 | 20 сом |
| 16:20 | 15 сом | 16:20 | 15 сом |
| 16:40 | 15 сом | 16:40 | 15 сом |
| 17:20 | 20 сом | 17:20 | 15 сом |
| 17:40 | 20 сом | 17:40 | 15 сом |
| 19:20 | 20 сом | 19:20 | 20 сом |
| 19:40 | 20 сом | 19:40 | 20 сом |
| 20:20 | 20 сом | 20:20 | 20 сом |
| 20:40 | 20 сом | 20:40 | 20 сом |
| 22:20 | 15 сом | 22:20 | 15 сом |
| 22:40 | 15 сом | 22:40 | 15 сом |
| 23:20 | 15 сом | 23:20 | 15 сом |
| 23:40 | 15 сом | 23:40 | 15 сом |

Цены указаны в сомах с учетом налогов

Директор ТРВК Марал ТВ Исмаилов Ф.

Гл.бухгалтер ТРВК Марал ТВ

Ювелирный дом ZER совершенство стиля

925 ченемдеги күмүштөн өзгөчө кооздуктар.

Европадан шакектер, сөйкөлөр, билериктер, **нике шакектер** жана **теспелер**.

Ыңгайлуу баа жана миң түрдүү тандоо! Берен Голд, 2- кабат




«Саресеп» коомдук-аналитикалык гезитине берилүчү модулдук рекламалардын жана PR материалдардын

## Баалары

| Модулдук жарнама | 1 см² баасы |
|---|---|
| 1-бет | 30 сом |
| Түстүү бет | 20 сом |
| Түссүз бет | 10 сом |

| Публикациянын саны | Скидка |
|---|---|
| 3 - 5 | 15% |
| 6 - 10 | 20% |
| 11 - > | 25% |

Баалар бардык салык төлөмдөрү менен берилди



# GREEN CITY
eco hotels & resorts

**Green City мейманканасы**

бир орундуу бөлмөлөр,
эки орундуу бөлмөлөр,
КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ
ресторан, бизнес ланч
Тынчтык пр., 16
+996 312 87 87 50
+996 559 87 87 50

**Green City мончосу**

түрк хамамы, орус мончосу,
туз камерасы, бассейн, массаж,
балыктар менен пилинг,
жаш балдар бөлмөсү ж.б.
Исакеев көч., 2а

www.greencity.kg

